**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**ТЕХНОЛОГИЯ, ИСКУССТВО ЖАНА ДЕНЕ МАДАНИЯТЫ ТАРМАГЫНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ ЛАБОРАТОРИЯСЫ**

# КЫРГЫЗ ЖАНА ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТТЫН ПРОГРАММАСЫ

***(окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын V-IX класстары үчүн)***

**Бишкек – 2018**

**Программаны түзгөндөр:**

**Байгазиев Советбек Орозканович –** филология илимдеринин доктору, профессор

**Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич** – И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин профессору, педагогика илимдеринин доктору

**Абдухамидова Батмахан Абдуакимовна –** Кыргыз билим берүү академиясынын мамлекеттик тил жана көп тилде билим берүү лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

**Акматов Кыялбек Камутович –** Ош мамлекеттик университетинин доценти, Ош шаарындагы «Жетиген» мектеп-лицейинин директору, педагогика илимдеринин кандидаты

**Алмурзаева Саадат Акматбековна** – Кыргыз билим берүү академиясынын мамлекеттик тил жана көп тилде билим берүү лабораториясынын ага илимий кызматкери

**Илимий кеңешчи:**

**Рысбаев Сулайман Казыбаевич** – Кыргыз билим берүү академиясынын мамлекеттик тил жана көп тилде билим берүү лабораториясынын башчысы, педагогика илимдеринин доктору, профессор

**Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятын программасы** (окутуу орус, өзбек жана тажик тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын 5-9-класстары үчүн). Түз.: С.Байгазиев, А.Муратов ж.б. – Б.: 2018. – ... б.

*Бул окуу программасы окутуу орус, өзбек жана тажик тилинде жүргүзүлгөн билим берүү уюмдарынын V-IX класстарында кыргыз жана дүйнөлүк адабият предметинин мазмунун, көлөмүн аныктап, окуу китептерин түзүүчүлөргө, методисттерге жана мугалимдерге багыт берет.*

*Программа боюнча ой-пикириңиздерди төмөнкү электрондук дарекке жибериңиз:* *bashredaktor@mail.ru*, *rsulayman@mail.ru*, *2010-taalim@mail.ru*, *aba.kg73@mail.ru*

**МАЗМУНУ**


| | | |
|---|---|---|
| | **I. ЖАЛПЫ ЖОБО** | |
| | Түшүнүк кат.................................................................. | 4 |
| **1.1.** | Предметтин Базистик окуу пландагы орду ................................ | 4 |
| **1.2.** | Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутуунун максаты жана милдеттери ........................................................................... | |
| **1.3.** | Кыргыз жана дүйнөлүк адабият предмети боюнча базалык билим берүүнүн компетенттүүлүктөрү ........................................ | 5 |
| | **II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ** | |
| **2.1.** | Программадагы бөлүмдөрдү окутуудагы сааттардын катышы таблица менен............................................................................... | 11 |
| **2.2.** | Окуу предметтин негизги мазмуну.............................................. | 13 |
| | **III. ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ ФОРМАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО** | |
| **3.1.** | Билим берүү процессин уюштуруу формалары ............................ | 13 |
| **3.2.** | Окуучулардын окуу ишмердүүлүктөрүн баалоонун критерийлери. | 19 |
| | **IV. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАМСЫЗДОО** | |
| **4.1.** | Ресурсттук камсыздоого коюлган талаптар ................................ | 25 |
| **4.2.** | Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү .......................................... | 25 |

# I. ЖАЛПЫ ЖОБО

## ТҮШҮНҮК КАТ

Бул программа окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн бардык мектептерде окуучулардын кыргыз жана дүйнөлүк адабияттан ала турган билимдеринин мазмунун аныктаган жана окуучулардын даярдыгынын деңгээлин белгилеген нормативдик документ болуп эсептелет.

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-9-класстары үчүн кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын программасы *(мындан ары – программа)* төмөнкү расмий документтердин негизинде түзүлдү:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы. – Бишкек, 2003-ж.;
- Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүчү уюмдары үчүн Базистик окуу планы;
- «Кыргыз Республикасынын мектептеринде жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 Токтому;
- КР жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты предметинин предметтик стандарты (2015-жыл);
- Кыргыз Республикасын 2013-2017-ж.ж. туруктуу өнүктүрүү багытындагы улуттук стратегиясы;
- Кыргыз Республикасын 2013-2017-ж.ж. туруктуу өнүктүрүү багытындагы улуттук стратегиясын ишке ашыруу боюнча Өкмөттүн программасы.

**Программанын колдонуу тармактары:**

- программа Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү жалпы билим берүүчү жана окутуу иши ар кандай формаларда өткөрүлгөн бардык мектептердин менчигинин түрлөрүнө (мамлекеттик, жеке менчик), типтерине (лицей, гимназия, автордук мектеп ж.б.) карабай пайдаланылат;
- программа окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн кыргыз жана дүйнөлүк адабият боюнча окуу китептерин даярдоого негизги материал болуп саналат;
- программа Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү жалпы билим берүүчү мектептер үчүн кыргыз жана дүйнөлүк адабият боюнча окуу-методикалык комплексин даярдоого негиз болот;
- университеттерде окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргөн мектептери үчүн мугалимдерге адистик берүүдө, ошондой адистеги мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатууда, алардын ишмердүүлүгүн баалоодо пайдаланылат;
- программа Кыргыз Республикасынын окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү жалпы билим берүүчү мектептер үчүн кыргыз жана дүйнөлүк адабият боюнча сынактардын, олимпиадалардын, конкурстардын, дил баяндардын, баяндамалардын ж.б. текшерүү жумуштарынын суроо-тапшырмаларын түзүүдө жетекчиликке алынат.

### 1.1. Предметтин Базистик окуу планда алган орду

Базистик окуу планынын мамлекеттик компонентине ылайык, жалпы орто билим берүүнүн негизги жана жогорку баскычтарында кыргыз жана дүйнөлүк адабият предметине төмөндөгүдөй окуу жүктөмү аныкталган:

| № | Классы | Жумалык сааты | Жылдык сааты |
|---|---|---|---|
| 1 | 5-класс | 1 саат | 34 саат |
| 2 | 6-класс | 1 саат | 34 саат |
| 3 | 7-класс | 1 саат | 34 саат |
| 4 | 8-класс | 1 саат | 34 саат |
| 5 | 9-класс | 1 саат | 34 саат |

## 1.2. Кыргыз жана дүйнөлүк адабият предметинин максаты, милдеттери

КРдагы орус, өзбек, тажик тилинде окуу жүргүзүлүүчү мектептердеги кыргыз жана дүйнөлүк адабият предмети өлкөнүн мамлекеттик тили болгон кыргыз тилинин негизинде үйрөнүлөт.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабият предметинин башкы **максаты** – биринчиден, кыргыз адабий казынасын кыргыз тилинде тааныштыруу аркылуу кыргыз адабияты тууралуу мекендеш окуучулардын жалпы түшүнүктөрүн калыптандыруу, кыргыз тилинен алган билимдерин, оозеки жана жазма речин өстүрүүгө көмөктөшүү, адабий чыгармалар боюнча түпкү элдин жалпы улуттук, этнографиялык, этнопедагогикалык өзгөчөлүктөрүн, менталитетин, психологиясын таанып билүү, адабияттын адептик, эстетикалык-гедонисттик, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк таасирин жаштарга сиңдирүү; экинчиден, окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларын дүйнөлүк адабияттын классикалык чыгармалары менен тааныштыруу, алардын адабий-теориялык, маданий, коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу.

Окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз жана дүйнө адабиятынан билим берүүнүн **милдеттери** төмөнкүлөр:

- кыргыз адабиятын окутуу менен мектеп чөйрөсүндө мамлекеттик тилдин кеңири колдонулушун камсыз кылууга жетишүү;
- дүйнө адабиятын окутуу менен окуучуларды чет өлкө адабиятындагы классик жазуучулар көтөрүп чыккан идеялар, темалар менен таанышып, алардын образдарынан өрнөк алуу;
- окуучуларды кыргыз фольклору, эл акындарынын чыгармалары жана профессионалдык жазма адабияттын мыкты үлгүлөрү менен тааныштыруу;
- жаштарды жашап жаткан мамлекетинин негизги улуттук маданиятын, тарыхын сыйлоого үйрөтүү, өлкөнүн улуттар аралык тили катары мамлекеттик тилди сезе билүүгө жетишүү;
- кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окуу аркылуу эл таануу;
- кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окуу аркылуу тил таануу;
- мамлекеттик тилдин кадыр-баркын көтөрүү;
- кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын чыгармаларын кыргыз тилинде окуу, түшүнүү, түшүнгөнүн айтып берүү деңгээлине жетишүү;
- мамлекеттик тилде өз оюн жаза билүүгө үйрөнүү;
- кыргыз жана башка элдердин адабияты аркылуу улуттарды, элдерди урматтоо сезимдерин өстүрүү.

Программанын негизги **өзгөчөлүктөрү:**

- биринчиден, дүйнөлүк билим берүү жана окутуу тармагындагы соңку жетишкендиктер эске алынып түзүлдү;
- экинчиден, документ кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутуу багытындагы алгачкы топтолгон тажрыйбаларды, мугалим-практиктердин пикир-сунуштарын эске алынуу менен иштелди;
- үчүнчүдөн, жаңы окуу планына ылайык сааттардын бөлүштүрүлүшүнө карап материалдар бир кыйла конкреттештирилип, кыргыз жана дүйнөлүк адабият предмети 5-9-класстарда жумасына 1 сааттан окутуулууга негизделгендиктен, материалдар ошого карай жайгаштырылды.

Программага сунушталуучу чыгармаларды иргөөдө окуучулардын жаш өзгөчөлүгү, улуттук менталитет эске алынып, көркөм чыгармалардын көтөргөн проблемасына, айрыкча таалим-тарбиялык маанилерине, дүйнөлүк адабиятта жалпы планетага таралышына тереңирээк көңүл бурулду.

Ар бир адабиятчы мугалим бул программада иш алып баруу менен кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты башка улуттун балдарына үйрөтүүдө, кыргыз элинин көөнөрбөс мурастарын, каада-салттарын, жер коосдуктарын, Ата журттун ажайып көрүнүштөрүн сөз кудурети менен жеткирип, ага таазим эттирүү негизги милдети экендиги эске алынды.

**Кыргыз жана дүйнөлүк адабият программасына чыгармаларды тандап алуунун чен-өлчөмдөрү жана объектилери**

Программага чыгармаларды тандап алууда төмөнкүдөй **чен-өлчөмдөрү** эске алынды:

- сунуш кылынып жаткан чыгарманын идеялык тазалыгы, тарбиялык жактан маанилүүлүгү;
- чыгармалардын жалпы адамзаттык нарктуулукка ылайык келерлиги, гуманисттик бийик ойлорунун орун алгандыгы;
- чыгарманын көркөм-эстетикалык салмагынын жогорулугу;
- тандалган чыгармалардын кыргыз тилин үйрөнүүгө көмөктөшүү үчүн мүмкүнчүлүгү бар экендиги, тилдик байлыктарынын молдугу жана окуучуларга ылайыктуулугу;
- чыгармалардын тек, түр, жанр, тематика боюнча ар түрдүүлүгү, кыргыз адабиятынын оозеки формасын, ырчылык өнөрдү жана профессионалдуу жазма адабияттын толук эске алынгандыгы;
- окутууга тандалып жаткан чыгармалардын балдардын курак өзгөчөлүгүнө, окурмандык кызыгууларына, кабыл алуусуна ылайык келерлиги;
- үйрөнүлүүчү чыгарманын кыргыз элинин жана дүйнөдөгү ар түрдүү элдердин этномаданий, этнопедагогикалык, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн көбүрөөк жана туура чагылдырышы, ошолорду башка улуттун адамдары үйрөнүүгө көмөк кошуусу.

Чыгармаларды тандоодо советтик мектептин салтына бекем кирген идеологиялык кызматы, авторлордун авторитети, китептердин сыйлыкка татыктуу болгондугу башкы чен өлчөм катары каралбады. Бир топ көлөмдүү чыгармалардан үзүндү берилип, ал чыгарманын кайсыл үзүндүсү экендиги программада көбүнчө белгиленбеди, аны ылгап алуу окуу китебин түзүүчүлөргө калтырылды.

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз жана дүйнө адабиятын окуутунун негизги **объектилери:** бул предметте кыргыз жана дүйнө адабиятынын тарыхы, теориясы, авторлордун кеңири биографиясы ар тараптуу үйрөнбөйт, алар конкреттүү адабий чыгармаларды гана талдап окуйт, предметтин максаты – окуучуларда бөтөн тилди үйрөнүү көндүмдөрүн жатыктыруу, тилдик билимин практикада текшерип көрүү жана байытуу.

Мектептин негизги курсунда (5-9-класстар) кыргыз адабиятынан элдик оозеки чыгармачылык жана акындар поэзиясы көбүрөөк окутулса, дүйнөлүк адабияттан балдар адабиятына басымдуулук кылат.

## 1.3. Кыргыз жана дүйнөлүк адабият предмети боюнча базалык билим берүүнүн компетенттүүлүктөрү

Бул предметти окутуунун дидактикалык негизи – кыргыз жана дүйнө адабиятын кыргыз тилинде окутуу. Ошол эле кезде бул элдин адабиятын дүйнөлүк көркөм маданияттын, Чыгыш жана Батыш адабиятынын системасында карoo, андагы жалпы адамзаттык гуманисттик идеяларды иргеп алуу.

Кыргыз жана дүйнө адабияты орус мектептеринде орус адабияты, өзбек мектептеринде өзбек адабияты, тажик мектептеринде тажик адабияты менен терең интеграцияланып үйрөнүлүүгө тийиш жана бул предметтер окуучулардын жалпы адабий-эстетикалык көрөңгөлөрүнүн көтөрүлүп, табиттеринин калыптануусуна, дүйнөлүк сүрөткерлер жараткан асыл нарктарды баалай билүүсүнө көмөктөшөт.

Окуучулардын курак өзгөчөлүктөрү, психология, педагогика жана мектеп практикасы тарабынан бөтөн тилдүү мектептерде кыргыз жана дүйнө адабиятынан билим берүүнүн багыттары (этаптары, концентрлери) аныкталган.

V-IX класстарда кыргыз жана дүйнөлүк адабият өз алдынча предмет катары окутулат. Аны үчүн адабияттык окуу формасы тандалып алынат. Чыгармалар алардын авторлоруна карата тарыхый-хронологиялык же тематикалык тартипте жайгаштырылат, байыркы оозеки адабияттан бүгүнкү күндүн адабиятына чейин ырааттуу берилет. Жанрдык, тектик, түрлүк, тематикалык ар түрдүүлүк эске алынат. Мында чыгармалар тил аркылуу улуттук рухту, этномаданий мурастарды сиңдирүүгө көмөктөшүү кызматын аткарат. Чыгармалардын тандалуусунда көбүнчө кыргыз жана дүйнөнүн ар түрдүү элинин этнографиялык өзгөчөлүктөрүн туура көрсөткөндөрү, этнопедагогикалык баалуулугу болгондору, кыргыз жергесинин пейзаждык сүрөтүн сөз менен жакшы тарткандары иргелип алынат. Айрым чоң чыгармалардан (эпос, поэма, роман, повесть, көлөмдүү аңгеме) үзүндү тандап алынса, майда аңгемелер жана ырлар толук түрдө берилет. Ар бир текст окуу китептеринин авторлору тарабынан адаптацияланат, методикалык аппарат менен камсыз болот. Бул концентрде кыргыз фольклорунун ырым-жырым, дарым, бата, каргыш, оюн ырлары, салт-санаа, үрп-адатка байлынышкан чыгармалар, санат-насыят, терме, үлгү ырлары, макал-ылакаптар, табышмактар, жаңылмачтар сыяктуу этнодидактикалык адабият кеңири сунуш этилет. Дүйнөлүк адабияттан да улуттук фольклорго жана байыркы адабиятка өзгөчө көңүл бурулат. Ар бир класста чыгармаларды үйрөнүүдөн тышкары сөз өстүрүү, жазуу жумуштары жана кайталоолор үчүн атайын сааттар бөлүнүп, ошол эле сааттар класстан тышкаркы окуулар үчүн да пайдаланылат. Окуу китептери хрестоматия-окуу китеби тибинде түзүлөт (жазылат), б.а. бардык класстарда көркөм чыгармалардын тексттери сунуш кылынган саатка ылайык, кыскалары толук, көлөмдүүлөрү үзүндү түрүндө окуулуктарга киргизилет.

Орус, өзбек, тажик тилдүү окуучуларга кыргыз жана дүйнө адабиятын окутууда сабактарда текстти талдоо учурунда эң көп жумуштар ошол тексттеги кыргыз сөзүн үйрөнүүгө жумшалат, демек, монологдук жана диалогдук речтерди талдоо, автордук баяндоо, ой жүгүртүү, сүрөттөө стилдерин аңдап билүү, ыр түзүлүшүн анализдөө, чыгарманын тилин ар тараптан изилдөө, тааныш эмес сөздөрдүн лексикалык маанилерин ачуу, сүйлөмдөрдүн стилистикалык түзүлүшүн байкоо сыяктуу тилдик жумуштар көп жүргүзүлөт.

«Кыргыз жана дүйнөлүк адабият» предмети боюнча окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептеринин V-IX класстарында окуучуларды даярдоонун милдеттүү (минималдуу) **деңгээлине коюлган талаптар:**

Окуучунун кыргыз жана дүйнөлүк адабият предметин окуп-үйрөнүү аркылуу төмөнкүдөй **компетенттүүлүктөргө** ээ болушу керек:

- окуучулар көркөм чыгарманын түзүлүшү, анын тектери, түрлөрү, жанрлары жөнүндөгү жалпы түшүнүктөргө ээ болушат;
- адабият жана фольклор, ырчылар чыгармачылыгы, төкмө акындар түшүнүктөрүн ажыратат;
- каармандын мүнөзү (кылган иши, портрети жана анын элементтери, автордун мүнөздөмөсү, көркөм деталь, сюжет, окуялар, каармандардын кагылышуусу), композиция, эпизод, образдар системасы, пейзаж, интерьер, чыгарманын көркөмдүгү, тилинин өзгөчөлүгү, колдонгон көркөм сөз каражаттары, чыгарманын темасы менен идеясы жөнүндөгү алгачкы түшүнүккө ээ болот;
- кептин кара сөз жана ыр түрүндөгү берилиши аныктайт;
- көркөм чыгарманын тектери (эпика, лирика, драма) жана жанрлары (жомок, табышмак, макал-ылакап, элдик ырлар, легенда, миф, аңгеме, повесть, роман, ыр, поэма, пьеса, комедия ж.б.) жөнүндө түшүнүктөргө ээ болуп, алардын көркөм үлгүлөрүн окуп үйрөнүшөт;
- окуган көркөм чыгарманын автору жөнүндө алгачкы жөнөкөй, жалпы түшүнүктөрдү алышат, ал жашаган коом, мезгил жөнүндө аз до болсо үйрөнүп, чыгарманын бүгүнкү күндөгү маанисине баа берет.

***Окуучунун тилдик (стилистикалык) компетенттүүлүк деңгээли:***

- окуган чыгарманы кайра айтып берүү (чыгарманы стилистикалык жана жанрдык өзгөчөлүктөрүн кошо камтуу менен);
- окуяны сүрөттөө боюнча түшүнүк (пейзаж, интерьер, портрет) алуу;
- окуган көркөм чыгарма боюнча жөнөкөй формада баяндама же дил баян, эссе жаза билүү;
- чыгармада катышкан каармандардын тилине мүнөздөмө берүү;
- окуган китебине, көргөн спектаклине же кинофильмге пикир айта билүү;
- монолог жана диалог жөнүндө түшүнүк алуу, алардын аңгеме, тамсил, жомоктордо колдонулуш өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү.

***Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн негизги түрлөрү:***

- ар кандай жанрдагы чыгармаларды үн кубултуп көркөм окуу;
- чыгармалардын окуяларына, каармандарга болгон жекече мамилелерин билдирүү;
- көркөм чыгарманын тексти менен иштөө;
- чыгармага үстүртөн жана кеңири талдоо жасоо;
- текстке карата план түзүү;
- окуган эпикалык чыгарманын мазмунун кайра айтып берүү;
- адабий каарман жөнүндө аңгеме куруп берүү;
- каарман тууралуу эссе, баяндама же дилбаян жазуу;
- окуган чыгармага пикир, чакан рецензия жаза билүү;
- сөздүк жумуштарын аткара алуу.

## II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ

### 2.1. Программадагы бөлүмдөрдү окутууда сааттардын катышы таблица менен

**5-КЛАСС**
**(жыл бою 34 саат)**

| № | Бөлүмдөрдүн аталышы | сааты |
|---|---|---|
| 1 | Элдик оозеки чыгармачылык | 6 |
| 2 | Акын-жазуучулар иштеп чыккан адабий жомоктор | 4 |
| 3 | Дүйнөлүк адабият | 7 |
| 4 | Элдик ырчылардын чыгармаларынан | 2 |
| 5 | Кыргыз жазма адабиятынан | 3 |
| | *Чыгармаларды үйрөнүү үчүн* | 22 |
| | *Жазуу жумуштары үчүн* | 8 |
| | *Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн* | 4 |

**6-КЛАСС**
**(жыл бою 34 саат)**

| № | Бөлүмдөрдүн аталышы | сааты |
|---|---|---|
| 1 | Элдик оозеки чыгармалардан | 4 |
| 2 | Элдик акындардын чыгармаларынан | 2 |
| 3 | Акын –жазуучулар иштеп чыккан жомоктор | 4 |
| 4 | Кыргыз жазма адабиятынан | 6 |
| 5 | Байыркы грек адабияты | 2 |
| 6 | Англия адабияты | 2 |
| 7 | Америка адабияты | 2 |
| | *Чыгармаларды үйрөнүү үчүн* | 22 |
| | *Жазуу жумуштары үчүн* | 8 |
| | *Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн* | 4 |

**7-КЛАСС**
**(жыл бою 34 саат)**

| № | Бөлүмдөрдүн аталышы | сааты |
|---|---|---|
| 1 | Элдик оозеки чыгармалардан. Элдик дастандар | 2 |
| 2 | Элдик акындардын чыгармаларынан | 1 |
| 3 | Кыргыз жазма адабиятынан | 13 |
| 4 | Орус адабиятынан | 3 |
| 5 | Немец адабиятынан | 1 |
| 6 | Француз адабиятынан | 2 |
| | *Чыгармаларды үйрөнүү үчүн* | 22 |
| | *Жазуу жумуштары үчүн* | 8 |
| | *Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн* | 4 |

**8-КЛАСС**

**(жыл бою 34 саат)**

| № | Бөлүмдөрдүн аталышы | сааты |
|---|---|---|
| 1 | Элдик оозеки чыгармалардан. «Манас» - кыргыз рухунун өчпөс жылдызы | 6 |
| 2 | Орто кылымдын орток адабий мурастарынан | 1 |
| 3 | Уламышка айланган акындар | 1 |
| 4 | Элдик ырчылардын чыгармаларынан | 2 |
| 5 | Кыргыз жазма адабиятынан | 8 |
| 6 | Жакынкы чыгыш адабияты | 2 |
| 7 | Америка адабияты | 2 |
| | *Чыгармаларды үйрөнүү үчүн* | 22 |
| | *Жазуу жумуштары үчүн* | 8 |
| | *Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн* | 4 |

**9-КЛАСС**
**(жыл бою 34 саат)**

| № | Бөлүмдөрдүн аталышы | сааты |
|---|---|---|
| 1 | Элдик акындардын чыгармаларынан | 4 |
| 2 | Кыргыз жазма адабиятынан | 12 |
| 3 | Казак адабияты | 2 |
| 4 | Орус адабияты | 2 |
| 5 | Жакынкы Чыгыш адабияты | 2 |
| | *Чыгармаларды үйрөнүү үчүн* | 22 |
| | *Жазуу жумуштары үчүн* | 8 |
| | *Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн* | 4 |

## 2.2. Окуу предметтин негизги мазмуну

**V КЛАСС (жыл бою 34 саат)**
**I ЧЕЙРЕК (9 саат)**

### ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК

**Макал-ылакаптар (1 саат)**

Элдик макал-ылакаптардын пайда болушу, таралышы. Макал менен ылакаптардын негизги айырмачылыгы. Эл турмушу – макал-ылакаптарда. Алардын тематикалары, маанилери, формасы. Макал-ылакаптардын тарбиялык, таалим берүүчүлүк мааниси. Макал-ылакап айтышуу жана алардын маанисин чечмелей билүү.

**Табышмактар (1 саат)**

Табышмактардын аткарган кызматы. Табышмак – таалим-тарбия берүүчү элдик чыгарма. Алардын түрлөрү, жанрдык белгилери. Бала турмушундагы табышмактардын мааниси. Табышмак айтуу жана таба билүү.

**Жаңылмачтар (1 саат)**

Жаңылмач – кыргыз оозеки чыгармачылыгында кеңири тараган жанр. Жаңылмачтардын коомдук жана дидактикалык функциясы. Жаңылмач айтышуу боюнча практикалык жумуштар.

**Өнөрлүү бала (1 саат)**

Жомоктогу бай жана кедей темасы. Хан жана анын кызы. Баланын ар кандай тапшырмаларды аткаруудагы аракети, акылмандыгы, тапкычтыгы. Өнөр үйрөнүүгө үгүттөөчүлүк – жомоктун башкы максаты. Жомоктун негизинде жазуу жумуштарын жүргүзүү.

**Манастын төрөлүшү** ***(«Манас» эпосунан үзүнду)*** **(2 саат)**

Хан Жакыптан балага зар болуп жүрүшү. Кыргыз элине баатырдын керектиги тууралуу ойлор. Манас төрөлгөндөгү анын касиети. Кыргыздардын бала төрөлгөндө аткарган жөрөлгөлөрү. Баланын сырткы көрүнүшү. Жаңы төрөлгөн балага элдин мамилеси. Тексттеги манасчынын стилдик өзгөчөлүктөрү. Эскирип, колдонуудан чыккан сөздөр жана үзүндүнүн тилдик байлыгы.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик кайталоо (1 саат)**

## II ЧЕЙРЕК (7 саат)

## АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАР ИШТЕП ЧЫККАН АДАБИЙ ЖОМОКТОР

**Чыңгыз Айтматов «Маңкурт тууралуу баян» (2 саат)**

Уламыштагы окуялардын өнүгүп барыш өзгөчөлүгү. Эне жана бала, акыл-эс жана акылсыздык проблемалары. Адамдан маңкурт-кулду бөлүп алуу ыкмалары. Баскынчылык, анын кесепети. Муундар байланышы проблемасы. Тилдик байлыктар. Найман энении образы. Чыгармадагы диалогдор жана монологдор. Жазуучунун баяндоосу. Инценировкалоо жана аны класста даярдоо. Кыска дилбаян жазуу жана талкуулоо. Фильм көрүү жана анын айланасында талкуу өткөрүү: чыгарманын тексти менен салыштыруу; жаңы окуяларды, каармандарды табуу, алардын киного киргизилиш себебин аныктоо; актердук чеберчиликтерин кыргыз тилинде айтып берүү.

**Жалил Садыков «Эненин жүрөгү» (2 саат)**

Уламыштын адеп-ахлактык теманы көтөрүп чыгышы. Гуманизм маселеси, улуттук колорит жана эненин образындагы көп түрдүүлүк. Уламыштын тарбиялык, таалим берүүчүлүк мааниси. Проблеманын бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу. Ыр жолдорунун ыргактуулугу, уйкаштыктар.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик кайталоо (1 саат)**

## III ЧЕЙРЕК (9 саат)
## ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТ

**Ш.Перро. «Уйкудагы сулуу» (1 саат)**

XVII кылымдагы француз жазуучусу Шарль Перро – адабий жомоктордун негиздөөчүсү. «Уйкудагы сулуу» жомогунун көркөмдүгү. Гуманизм идеялары. Уйкудагы сулуунун жомоктук образы.

**А.С.Пушкин. «Алтын короз тууралуу жомок» (1 саат)**

Орустун улуу акыны жана орус эл жомоктору. Жомоктун идеясы. Акындын жомок айтып берүү, баяндоо чеберчилигин. Чыгармадагы образдар. Жомоктун көркөм сөз каражаттары.

*Адабият теориясынан. Метафора жөнүндө түшүнүк.*

**Х.К.Андерсен. «Кар ханышасы» (2 саат)**

Жазуучу тууралуу маалымат. Андерсендин жомокторундагы актык жана кара ниеттиктин күрөшү. Жомокчунун сюжет түзүү чеберчилиги. Чыгармадагы ар кыл мүнөздөр. Кереметтүү окуялар жана жомоктук мотивдердин биримдиги.

**Р. Киплинг. «Жунгли китеби» (2 саат)**

Англис жазуучусу Редьярд Киплингдин жомоктору. Мауглинин тагдыры. Жаратылыш жана адам темасы. Жунгли закондору. Жомоктун азыркы күндөгү балдарды тарбиялоодогу мааниси.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**
**Чейректик кайталоо** (1 саат)

### IV ЧЕЙРЕК (9 саат)

**А. А. Милн. «Винни Пух» (1 саат)**

Чыгарманын жазылыш тарыхы, башка адабий жомоктор менен байланышы. Бардык жыйырма аңгемедеги Пухтун борбордук каарман экендиги. Винни-Пух жана Кристофер Робин. Башкы каармандын күлкүлүү жана баатырдык сапаттары. Пухтун күтүүсүз чечимдери. Тексттеги уйкаштыктар жана сөз оюндары.

### ЭЛДИК ЫРЧЫЛАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

**Нурмолдо «Ай жаңыргандагы айтым» (1 саат)**

Айтымдарда элдик салт, ырасымдын сакталышы. Табияттагы адамдын орду. Жаратылыштын улуулугу, анын астында адамдын алсыздыгы. Табиятка байланыштуу жаңы сөздөр. Пирлер тууралуу түшүнүк

**Барпы Алыкулов «Куштардын санаты» (1 саат)**

Акындын ырындагы канаттуулардын түрлөрү. Куштардын ар биринин өзгөчөлүктөрү жана алар жашаган жерлер. Жаныбарлардын жашоо үчүн күрөшү. Куштар тууралуу аңгеме жүргүзүү жана жаңы сөздөр

### КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

**Р.Шүкүрбеков «Иттин жомогу» (1 саат)**

Жаныбарлардын жашоо тиричилиги. Аюу менен иттин достугу. Ал экөөнүн сүйлөшүүлөрүнүн мааниси. Достордун таарынычы. Жаныбарлардын жашоосу тууралуу жаңы сөздөр

**Ш.Садыбакасов «Ат жакшы көргөн бала» (1 саат)**

Баланын адамгерчилик сапаттарын даңазалоо. Жаратылыштагы адамдын ролун көрсөтүү. Эл турмушундагы аттын ролу. Баланын баёолугу, анан речинин өзгөчөлүгү.

**А.Муратов «Колянын жайлоодогу күндөрү» (1 саат)**

Шаардык баланын жайлоого баргандагы кызыктуу окуялары. Балдардын улуулар менен мамилелери. Жаратылыш жана шаарда өскөн балдар. Кыргыз элинин маданиятына, тилине болгон урматтоо сезимдери Колянын образы аркылуу берилиши.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**
**Чейректик жана жылдык кайталоо (1 саат)**

**Жалпы***:*
*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн – 22 саат*
*Жазуу жумуштары үчүн – 8 саат*
*Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн – 4 саат*

**Жаттоого сунуш кылынган чыгармалар:**

Макал-ылакаптар
Табышмактар
Жаңылмачтар
Нурмолдо «Ай жаңыргандагы айтым», «Мал соёрдогу айтым»

### Окуучулардын билимине, билгичтигине, ык-машыгууларына коюлуучу талаптар:

*V классты бүтүргөн окуучулар төмөнкүдөй билим, билгичтик, ык-машыгууларга ээ болушу керек:*

- окуган чыгарманы түшүнө билүү, түшүнгөнүн кыргызча айтып берүү;
- чыгарманынын элдик оозеки чыгармачылык же жазма адабият экенин айрымалай алуу, жанр, тек, түр боюнча бөлүү;
- чыгарманын башкы каармандарын мүнөздөй билүү, алардын сюжеттеги ордун аныктай алуу;
- кыргыз тилиндеги текстти сөздүктөрдүн жардамы менен орус, өзбек (тажик) тилине которуу;
- сюжети, идеясы, темасы, каармандары окшош чыгармаларды белгилей алуу;
- окулган чыгарманын негизинде жазуу иштерин кыргызча аткарууга жетишүү;
- жаттоого берилген чыгармалардын тексттерин кыргызча шыдыр айтууга жетишүү;
- окуп үйрөнүлгөн чыгармалардын орусча, өзбекче (тажикче) котормолору менен түп нускасынын текcттин салыштыра таба билүү.

## VI КЛАСС (жыл бою 34 саат)

### I ЧЕЙРЕК (9 саат)

### ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДАН

**Элдик баталар: «Балага бата», «Дасторконго бата» (2 саат)**

Элдик баталардагы тилек, каалоо, ниет жана аларды билдирүү үчүн колдонулган сөздөр. Бата жана алкоо, алардагы элдик түшүнүктөр. Баталардын бүгүнкү күндөгү мааниси, мазмуну жана колдонулушу.

**Элдик жомоктор: «Акылдуу дыйкан», «Убадага бек жигит» (2 саат)**

Элдик жомоктордо элдин үмүт-тилегинин, ой-толгоосунун, санаасынын, салтынын берилиши. Адилеттикти даңктоо, жалкоолук, жалганчылык менен күрөшүү. Байлык жана бийлик көйгөйү. Элдик каармандар – эл тилегин алып жүрүүчүлөр. Жомоктордун тили, көркөмдүгү. Жомоктордогу апыртуулар. Орус жана башка элдердин жомокторуна кыргыз эл жомокторунун окшоштуктары

### ЭЛДИК АКЫНДАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

**Тоголок Молдо «Балдардын ыры», «Торпогум» (1 саат)**

Балдардын кызыктуу турмушу, кыял-жоругу Тоголок Молдонун чыгармачылыгында. Жан-жаныбарлар менен балдардын ынак мамилеси. Балдарды жаратылышты сүйүүгө, жаныбарларга гумандуу мамиле кылууга үйрөтүүдө Тоголок Молдонун ырларынын мааниси. Үй жаныбарларына байланыштуу жаңы сөздөрдү өздөштүрүү

**К.Акиев «Акылман ата» (1 саат)**

Ырдагы акылмандыктын, баатырдыктын даңазаланышы. Адилеттик менен кара өзгөйлүктүн кармшы

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**
**Чейректик кайталоо** (1 саат)

### II ЧЕЙРЕК (7 саат)

### АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАР ИШТЕП ЧЫККАН ЖОМОКТОР

**Жоомарт Бөкөнбаев «Чептен эрдин күчү бек» (1 саат)**

Жомоктогу идея – эр жигиттин эли үчүн керектиги. Патриоттуулук. Эне менен баланын диалогунун мааниси. Жомоктук мотивдер. Идеянын бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу.

**К.Баялинов «Чабалекей менен жылан» (1 саат)**

Жазуучу өз оюн каймана түрдө чагылдырышы. Жаныбарлардын каарман катары кыймыл-аракети, бири-бирине мамилеси. Адам жана жылан. Адам жана чабалекей. Достук, ишеним, берилгендик темасы

**Р.Шүкүрбеков «Эки бөжөк» (1 саат)**

Жомоктук жана тамсилдик маани. Жан-жаныбарлардын күрөшү, жашоосу. Кекилик, Түлкү, Бүркүт жана алардын чыгармадагы орду. Жомок аркылуу балдарга таалим берүү идеясы

**С.Рысбаев «Акыркы марал» (1 саат)**

Табийгат менен аддамдын байланышы. Мээримдүүлүк менен таш боордуктун күрөшү. Ененин балага болгон мээрими. Чыгарманын финалы. Чыгарманын тили.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик кайталоо (1 саат)**

## III ЧЕЙРЕК (9 саат)
## КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

**А.Токомбаев «Жайда», «Кышта» (1 саат)**

Акындын ырларындагы мезгилдин көрүнүшү. Ар мезгилдин өзүнчө өзгөчөлүктөрү. Ырлардагы балдарды табиятты сүйүүгө, жаратылыш менен жакын болууга үндөө идеясы.

**Касымалы Бектенов «Жарадар көгүчкөн» (2 саат)**

Аңгемедеги автордук ой. Жаратылыш менен адамдын гармониясы. Табияттын көрүнүштөрүн берүүдөгү жазуучулук чеберчилик. Гумандуулук жана антигумандуулук. Жазуучунун тилдик чеберчилиги

**Ч.Айтматов «Атадан калган туяк» (2 саат)**

Согуштун таасириндеги баланын мүнөзү, кыял-жоругу. Баланын романтикалуу турмушу жана аны кинонун талкалашы. Ата жана бала. Эне жана бала. Авалбектин образын ачуу үчүн автор колдонгон деталдар. Жазуучунун тил байлыктары, монологдор жана диалогдор

**Ж.Бөкөнбаев «Жылан менен бака» (1 саат)**

Тамсилдеги кайманалуулук. Каармандардын мүнөз, аракеттери. Адилеттик, тазалык, акниеттүүлүк жана адилетсиздик, бузуктук, булганычтык. Жаныбарлардын жашоо үчүн күрөшү

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик кайталоо (1 саат)**

## IV ЧЕЙРЕК (9 саат)
## БАЙЫРКЫ ГРЕК АДАБИЯТЫ

**Эзоп. Тамсилдер: «Доңуз жана Түлкү», «Бир үзүм эт кармаган ит», «Карга менен Түлкү» (2 саат)**

Эзоп жана анын доор. Эзоп тили. Кайманалуулук (аллегория).Автордун элдик тили. Турмуш чындыгы. Тамсилдердеги мораль. Эзоп жана дүйнөлүк тамсилчилик өнөрү. Эзоптун тамсилдери менен орус жана кыргыз тамсилериндеги окшоштуктар

*Адабият теориясынан. Тамсил. Эзоп тили*

## АНГЛИЯ АДАБИЯТЫ

**Даниель Дефо «Робинзон Крузо» (2 саат)**

Романдагы изилдөөгө алган адам жана табият темасы. Адамдын инсандык сапаттарын сыноого алуучу учурлар. Жалгыздык жана анын жабыры. Эркиндик, адаттык

тууралуу ойлор. Жапайылык жана цивилизация. Тагдыр тамашасы жана анын романдагы функциясы

*Адабият теориясынан маалымат: Адабий каарман*

## АМЕРИКА АДАБИЯТЫ

**М.Твен. «Том Сойердин жоруктары», «Гекльберри Финдин жоруктары» (2 саат)**

Жазуучунун романдарындагы балдар жана чоң кишилер. Том Сойердун кыялдануулары, турмушка болгон сүйүүсү. Балдар жана улуу кишилер. Том жана Полли. Том жана Сид. Том жана Бекки. Том жана Гек Финн. Элдик нравалык сапаттары. Жазуучунун чыгармачылыгындагы элдүүлүк. Сатира жана юмор, алардын каармандардын образын ачуудагы ролу. Табигыйлык менен цивилизациялуулуктун антитезасы. Сюжет жана композиция куруудагы бөтөнчөлүгү. Романдагы турмуш чындыгы жана адам мүнөздөрү. Гектин тагдыры жана күрөшү. Марк Твендин каармандарынын адилеттик, чындык, эркиндик үчүн күрөшү. Жазуучунун бүткүл дүйнөлүк даңкы

*Адабият теориясынан маалымат: Көркөм чыгарманын темасы жана идеясы*

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**
**Чейректик жана жылдык кайталоо (1 саат)**

**Жалпы:**

*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн – 22 саат*
*Жазуу жумуштары үчүн – 8 саат*
*Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн – 4 саат*

**Жаттоого сунуш кылынган чыгармалар:**

1. Элдик ырлар: «Сал билек», «Чечкор», «Эгин оргондо», «Короо кайтаруу»
2. Элдик баталар: «Балага бата», «Дасторконго бата», «Көчкө бата», «Жаңы Айды көргөндөгү бата»
3. Нурмолдо «Сүмөлөк айтымы», «Нооруз айтымы»
4. Тоголок Молдо «Балдардын ыры», «Торпогум»
5. А.Токомбаев «Жайда», «Кышта»
6. А.Осмонов «Жамгыр ыры»

## Окуучулардын билимине, билгичтигине, ык-машыгууларына коюлуучу талаптар:

*VI классты бүтүргөн окуучулар төмөнкүдөй билим, билгичтик, ык-машыгууларга ээ болушу керек:*

- программада окулган чыгарманы түшүнө билүү, түшүнгөнүн кыргызча айтып берүү;
- чыгарманынын тегин, түрүн, жанрын айырмалай алуу;
- чыгарманын башкы каармандарына, алардын жалпы чыгармадагы ордуна, окуяларына мүнөздөмө бере билүү;
- прозалык текстти орус (өзбек) тилине которуу;
- орус (өзбек) адабиятынан темасы, идеясы же сюжети окшош чыгармаларды белгилей алуу;
- окулган чыгарманын негизинде жазуу иштерин кыргызча аткарууга жетишүү;
- жаттоого берилген чыгармалардын тексттерин кыргызча шыдыр айта алуу.

- кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын ар биринин жанрдык айрымачылыгын ажырата алуу жана ар бирине кыргызча ондогон мисалдар табуу.

## VII КЛАСС (жыл бою 34 саат)

### I ЧЕЙРЕК (9 саат)
### ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДАН ЭЛДИК ДАСТАНДАР

**«Кожожаш»** ***(үзүндү)*** **(2 саат)**

Байыркы элдин ишенимдери. Тотемдик, анимисттик түшүнүктөр. Эл тиричилиги жана анын сүрөттөлүшү. Кыргыз жеринин географиясы. Сур эчки жана Кожожаш: экөөнүн эрегиши жана анын акыбети. Экологиялык-ыймандык проблемалар. Кожожаштын колдонгон курал-жарактары. Жаратылыш көрүнүштөрүн сүрөттөө каражаттары. Эскирип, колдонуудан чыккан сөздөр. Мергенчилик терминдери жана алардын маанилери. Жаңы сөздөр менен иштөө. Каармандын тышкы келбетин сүрөттөө. Дастан айтуу жана ролдоштуруп аткаруу

### ЭЛДИК АКЫНДАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

**Жеңижок «Балалык» (1 саат)**

Бала мүнөзү, курак өзгөчөлүктөрү, балдардын психологиялык бөтөнчөлүктөрү Жеңижоктун чыгармачылыгында. Акындын ыр куруу чеберчилиги. Сүрөттөөлөрдүн образдуулугу

### КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

**Чыңгыз Айтматов «Биринчи мугалим»** ***(үзүндү)*** **(2 саат)** Советтик учурда элдин башынан өткөн тарыхый доор жана ошол доордун жазуучунун повестинде көркөм чечмелениши. Этнографиялык, тарыхый сүрөттөөлөр. Каармандардын мүнөздөрүнүн эволюциясы. Дүйшөн, Алтынай сыяктуу каармандардын өз идеясынан баш тартпаган өжөрлүгү, күрөшү. Жеңиш жана жеңилиш. Адам мүнөздөрүн тарыхый шартта, жекелештирип көрсөтүү. Жазуучунун диалог, монолог түзүү чеберчилиги. Үзүндүнүн өзбекче (тажикче), орусча котормолорун салыштырып көрүү.

**Жолон Мамытов «Ата журт», «Ат жабдыксыз ат жайдак» (1 саат)**

Акындын ырындагы Ата журттун көрүнүшү. Атуулдук сүйүү жана Ата журт. Ат – адамдын канаты. Атажуртту, атты салыштыруу жана сактоо үчүн колдонгон сөздөр жана сөз айкаштары

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик кайталоо (1 саат)**

### II ЧЕЙРЕК (7 саат)

**Түгөлбай Сыдыкбеков «Акылман куудул»** ***(үзүндү)*** **(1 саат)**

Куудулдар жана куудулдук өнөр. Куйручуктун жоруктары. Жазуучунун сүрөттөөлөрүнүн таамайлыгы, образдуулугу. Каармандардын типтүү мүнөздөрү. Адам жана анын иш аракетиндеги куудулдук. Диалогдорду ролдоштуруу. Чыгарманын тилин талдоо

**Жусуп Турусбеков «Энем» (1 саат)**

Жаңы түшүнүк, жаңы коом жана алардын эски менен дал келбеши. Эне менен баланын ортосундагы социалдык жана психологиялык айырмачылыктардын көрүнүшү. Эски менен жаңынын күрөшү. Жаңыга умтулуу. Эненин жана баланын образы, алардын айырмачылыгы. Лирикалык каармандын романтикалык образы. Социализмдин идеясы. Автордук маанай (пафос). Ырдын курулуш бөтөнчөлүгү

**Асанбек Стамов «Үч мээрим» (2 саат)**

Ыймандуу, кайрымдуу, таза, ырайымдуу болууга чакыруу. Адам жана жаратылыш темасы. Фантастикалуулук жана анын мааниси. Баяндоонун жүрүшү жана стили. Жаштарды ыймандуу, кайрымдуу, таза, ырайымдуу болууга чакыруу. Адам жана жаратылыштын гармониясы. Диалогдорду тилдик жактан талдоо

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик кайталоо (1 саат)**

## III ЧЕЙРЕК (9 саат)

**Төлөгөн Касымбеков «Адам болгум келет» (2 саат)**

Жаш адамдын ички дүйнөсү жана анын сырткы портрети. Түштүк колорити. Каармандардын ортосундагы жиктелүүлөрдүн конфликтиге өсүп чыгышы. Жазуучунун тилинин байлыгы: диалектилик, кесиптик лексика, архаизмдер, тарыхый сөздөр

**Чыңгыз Айтматов «Эрте келген турналар»** ***(үзүндү)*** **(2 саат)**

Чыгарманын үзүндүсүнүн кыскача мазмуну. Каармандардын жүрүш-турушу, бири-бирине мамилеси. Ата жана Бала – кыргыз элдик педагогикасында. Ат багуу. Согуш жана анын жаңырыгы. Аксай «десанттары». Чоңдор жана балдар. Каармандардын жана автордун речи. Табиятты сүрөттөө. Балдардын сүйлөшүүлөрүнүн бөтөнчөлүктөрү

**Камчы Жунусов «Ак-Буура», Сооронбай Жусуев «Сулайман тоо» (1 саат)**

Ырлардын идеялык мааниси. Байыркы шаардын жаштыгы жана шаар тарыхындагы Ак-Бууранын орду. Акындын образдуу ойлорунун тактыгы, поэзияда кыскалыкка, таамайлыкка умтулуу

Сооронбай Жусуевдин «Сулайман тоо» деген ырында акындын Сулайман тоону сүрөттөө бөтөнчөлүгү. Тоонун ар түрдүү касиеттери, эл жана Сулайман тоосу, оштуктардын Сулайман тоого мамилеси. Акындын уйкаштык куруу жагынан адистиги, сөз менен иштөө маданияты, тилдик бөтөнчөлүктөрү

**Э.Ибраев «Бишкегим» (1 саат)**

Ырдын мазмуну. Ата Мекенге болгон сүйүү, сыймыктануу сезимдери, атуулдук парз. Ырдын мазмуну тууралуу талкуу жүргүзүү

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик кайталоо (1 саат)**

## IV ЧЕЙРЕК (9 саат)

## ОРУС АДАБИЯТЫ

**И.А.Крылов. Тамсилдер: «Карышкыр менен козу», «Итканага түшкөн карышкыр» (1 саат)**

Улуу орус тамсилчиси тууралуу маалымат. Тамсилдердеги аллегориялык образдар. Мораль. И.А.Крыловдун тамсилдериндеги элдүүлүк. Тамсилдердеги адам мүнөздөрүн ашкерелөө. Тилдик байлыктары

*Адабият теориясынан маалымат: Аллегориялык образдар*

**В.А.Жуковский. Баллада: «Токой падышасы» (2 саат)**

В.А.Жуковский –улуу акын жана ишмер. Баллададагы реалдуулук жана фантастикалуулук. Романтика. Образ жана образдуулук

*Адабият теориясынан маалымат: Баллада*

## НЕМЕЦ АДАБИЯТЫ

**Бир тууган Гриммдер «Кызыл шапкечен» (1 саат)**

Немец жомокчусунун дүйнөлүк адабияттагы ийгиликтери. Жомоктордогу адилеттик менен кара өзгөйлүктүн кармашы. Жомоктун каармандары жана алардын жөнөкөйлүгү. Жомоктордун элдүүлүгү. Эки жомоктун стилдик-тилдик бөтөнчөлүктөрүн талдоо

*Адабият теориясынан маалымат: Диалог жана монолог*

## ФРАНЦУЗ АДАБИЯТЫ

**А.Сент-Экзюпери. Жомок. «Кичинекей ханзаада» (2 саат)**

Турмушту көрүү өзгөчөлүктөрү. Баланын акылмандыгы. Достук темасы. Адептүүлүк. Жооптуулук. Притча формасы жана чыгарманын өзгөчөлүгү

*Адабият теориясынын маалымат: Жомоктугу аллегория жана метафора*

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик жана жылдык кайталоо (1 саат)**

**Жалпы:**

*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн – 22 саат*

*Жазуу жумуштары үчүн – 8 саат*

*Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн – 4 саат*

## ЖАТТООГО СУНУШ КЫЛЫНГАН ЧЫГАРМАЛАР:

1. «Кожожаш» (үзүндү)
2. Тоголок Молдо «Балдардын ыры», «Торпогум»
3. Жеңижок «Балалык» (үзүндү)
4. Касымалы Баялинов «Ажар» (үзүндү)
5. Жусуп Турусбеков «Энем» (үзүндү)
6. Чыңгыз Айтматов «Биринчи мугалим» (үзүндү)
7. Жолон Мамытов «Ата журт»

## Окуучулардын билимине, билгичтигине, ык-машыгууларына коюлуучу талаптар:

*VII классты бүтүргөн окуучулар төмөнкүдөй билим, билгичтик, ык-машыгууларга ээ болушу керек:*

- чыгарманы түшүнө билүү, түшүнгөнүн сөздүктөрдүн жардамысыз кыргызча айтып берүү;
- чыгарманынын тегин, түрүн, жанрын айырмалай алуу;
- чыгарманын башкы каармандарына мүнөздөмө бере билүү, образдарды талдоо, каармандарды салыштырып көрүү;
- кыргыз тилиндеги текстти сөздүктөрдүн жардамысыз орус же өзбек тилине которуу;
- орус же өзбек адабиятынан темасы, идеясы же сюжети окшош чыгармаларды белгилей алуу;
- окулган чыгарманын негизинде ар кандай жазуу иштерин кыргызча аткарууга жетишөө;
- окулган чыгарманын негизинде реферат, отзыв, аннотация жазуу;
- жаттоого берилген чыгармалардын текстерин кыргызча шыдыр айтууга жетишүү;
- эпос («Кожожаш») айтуу.

## VIII КЛАСС (жыл бою 34 саат)
## I ЧЕЙРЕК (9 саат)

## ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДАН
## «МАНАС» - КЫРГЫЗ РУХУНУН ӨЧПӨС ЖЫЛДЫЗЫ

*(«Манас» эпосу тууралуу маалымат жана эпостон үзүндүлөр)*

**«Манас» эпосу. Алтайдан Ала-Тоого көчүү (1 саат)**

Алтайдын көрүнүшү. Көч алдындагы жер чалгындоо. Ала-Тоодогу элдин абалы. Кыргыз көчүн көрсөтүүдөгү тилдик каражаттар. Көч камылгасы. Көчтүн жүрүшү. Көчкө катышкан кишилер жана унаалар. Манастын келбети, жүрүш-турушу

**Каныкейдин сарамжалы (1 саат)**

Каныкейдин теги тууралуу маалымат. Жоокерчилик замандагы кыз-келиндердин милдети. Каныкейдин уздугу. Акылмандыктын даңазаланышы. Баатырдын жеңишиндеги анын аялынын орду. Каныкей тиккен буюмдар жана алардын сүрөттөлүшү. Улуттук кийимдердин чыгармадагы орду. Үзүндүнүн лексикасы: кесиптик сөздөр, архаизмдер

**«Семетей» эпосу** *(үзүндү)* **(2 саат)**

Үзүндүлөрдүн кыскача мазмуну жана алардын идеясы. Семетейдин балалык чагы жана анын мекени тууралуу угушу. Окуялардын ырааттуулугу. Семетейдин сырткы көрүнүшү. Баланын баатырдыгы. Мекенчилдик туюму. Эл-жердин эркиндиги үчүн күрөшүү идеясы. Ата жана бала. Өз жери жана бөтөн жер. Баланын баатыр болуп калыптанышы. Каныкей, Сары таз ж.б. каармандар, алардын образын ачуу үчүн колдонулган көркөм сөз каражаттары

**«Сейтек» эпосу** *(үзүндү)* **(2 саат)**

«Сейтек»–»Манас» эпосунун үчүнчү бөлүмү. Сунуш кылынган үзүндүнүн идеясы. Үзүндүнүн көркөмдүгү. Баатырдык жана кадыресе турмуш-тиричиликтик көрүнүштөр Кыргыз элинин салттары, үрп-адаттары. Баатырдын айлана-чөйрөсү. Ички душмандар менен күрөшүү. Чыгарманын тили. Үзүндүнүн ыр түзүлүшү. Үзүндүнү аткаруу

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик кайталоо (1 саат)**

## II ЧЕЙРЕК (7 саат)

## ОРТО КЫЛЫМДЫН ОРТОК АДАБИЙ МУРАСТАРЫНАН

**Жусуп Баласагын «Кут алчу билим»** *(үзүндү)* **(1 саат)**

Тандалган үзүндүдөгү тарбия берүү ойлору. Адамдын улуулугу – анын тазалыгында, ыймандуулугунда. Доордун мүнөзү жана түбөлүктүүлүк. Адилеттик, чынчылдык, достук тууралуу ойлор. Башкаруучулар жана башкарылуучулар

## УЛАМЫШКА АЙЛАНГАН АКЫНДАР

**Асан Кайгы. Ырлары (1 саат)**

Асан Кайгынын ырлардагы бийик гуманисттик рух. Жан дүйнөнүн тазалыгы, аруулук, актык. Экологиялык, ыймандык ойлор

## ЭЛДИК ЫРЧЫЛАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

**Калыгул Бай уулу. Калыгулдун масели (1 саат)**

Акындын ырларынын наркы. Куттуу сөздүн куну. Дидактикалык маани-маңызы. Адам – бул дүйнөнүн башкы тирөөчү. Ыймандуулук. Чыгармадагы сөздөрдүн маанилери.

**Арстанбек Буйлаш уулу. «Санат» (1 саат)**

Арстанбек Буйлаш уулунуну санаттарындагы ынтымак, ыйман, ырыс, адамгерчилик–санаттардын башкы темасы. Санат ырларындагы стилдик өзгөчөлүктөр. Кыргыз элинин ой жүгүртүү маданияты – санаттарда

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик кайталоо (1 саат)**

## III ЧЕЙРЕК (9 саат)

## КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

**Жоомарт Бөкөнбаев «Жайдын кечи», «Кышкы тоо» (1 саат)**

Жоомарт Бөкөнбаевдин пейзаждык лирикаларындагы каарман. Жаратылышты жандандыруу үчүн акын колдонгон ыкмалар. Салыштыруулар. Ыр менен сүрөт тартуу, ал үчүн колдонгон сөз-боёктор

**Алыкул Осмонов «Кыргыз тоолору» «Мен кыргыздын акыны», «Музыка» (1 саат)**

Кыргыз тоолорунун көркөм сүрөтү. Салыштыруулардын таамайлыгы. Тоонун образы. Адам жана тоо. Акындын Ата Журт, адамдык жана акындык парз-милдет жөнүндөгү ырларындагы гуманисттик ойлор, граждандуулук, патриоттуулук, психологизм. Акындын чеберчилиги, анын ыр түзүү ыкмалары

**Аалы Токомбаев «Мезгил учат»** *(үзүндү)* **(2 саат)**

Чыгарманын тарыхый-биографиялык негизи. Прототип түшүнүгү. Доордун реалдуу картинасы жана каармандын калыптануусуна таасир эткен шарттар. Оор күндөрдөгү балалык. Түштүк Кыргызстандын адамдарынын эмгекчилдиги, мээнеткечтиги. Кыргыз интеллегенциясынын пайда болушу. Сүрөтчүнүн басып өткөн жолу – чыгарманын негизги сюжети. Повесттин тили. Диалогдор жана монологдор. Көркөм деталдар. Образдар. Сөз күчү

**К.Каимов «Омор агай» (1 саат)**

Омор агайдын мектепке келиши. Мурдагы окуу менен азыркыны салыштыруу. Жаңы мектептин жаңы окуусу. Омор агайдын билим берүүгө ынтызарлыгы, балдар менен, ата-энелер менен мамилеси. Мугалимдин образы. Жазуучунун баяндоо өзгөчөлүгү

**Төлөгөн Касымбеков «Туулган жер»** *(үзүндү)* **(1 саат)**

Табият көрүнүшүн чагылдырууда жазуучунун сүрөткерлик өзгөчөлүгү. Жердин сулуулугун жалпы ааламдын сулуулугу менен гармонияда кароо идеясы. Элдик салт-санаалар, элдик маданият – тууган жердин ажыралгыс бөлүгү. Адамдардын мамилесин, адамгерчиликтин жөнөкөй бир көрүнүштөрүн чагылдыруу. Каармандардын сүйлөшүүлөрү, пейзаждык сүрөттөөлөр

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик кайталоо (1 саат)**

## IV ЧЕЙРЕК (9 саат)

**Чыңгыз Айтматов «Саманчынын жолу» *(үзүндү)* (2 саат)**

Чыгармадагы адамдын улуулугу тууралуу ойлор. Майтарылбас эрк жана адамдын трагедиясынын чексиздиги. Эне жана бала. Согуштун алыскы айылга таасири. Жазуучунун тил байлыктары, диалог куруу чеберчилиги, сүрөттөөлөрүнүн ар түрдүүлүгү, шарттуулук ыкмасынын мүмкүнчүлүгү

## ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШ АДАБИЯТЫ

**Саади Ширази. «Гүлстан» (тандалган үзүндүлөр) (1 саат)**

Чыгармадагы адеп-ахлактын идеялар. Чыгыш элдеринин притчаларын жана аңгемелерин автордун колдонуу чеберчилиги. Ар бир аңгеменин моралы жана бейттердин мааниси. Элдик идеялардын, макал-ылакаптарды колдонулушу

*Адабият теориясынан маалымат: Бейт*

**Мавлана Джалал ад-Дин Руми. «Маснави» (тандалган үзүндүлөр) (1 саат)**

Руминин дүйнөлүк маданияттагы орду. «Маснави» деген чыгармасынын жазылыш, элге тараш тарыхы. Тарбия берүү идеялары. Чыгарманын формасы. Реалисттик жана натуралисттик сүрөттөөлөр. Чыгыштык мотивдер. Поэзия менен прозанын ширеши. Руминин гуманизими

*Адабият теориясынан маалымат: Суфисттик адабият*

## АМЕРИКА АДАБИЯТЫ

**Д. Лондон. «Ак азуу» (үзүндү) (2 саат)**

Адам жана жаратылыш темасы. Катаал турмуш жана андагы жашоо үчүн күрөш
*Адабият теориясынан маалымат: Повесть*

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**
**Чейректик жана жылдык кайталоо (1 саат)**

**Жалпы:**
*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн – 22 саат*
*Жазуу жумуштары үчүн – 8 саат*
*Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн – 4 саат*

## ЖАТТООГО СУНУШ КЫЛЫНГАН ЧЫГАРМАЛАР:

1. «Манас» (үзүндү)
2. «Курманбек» (үзүндү)
3. «Жылан чакканда айтыла турган дарым», «Кара курт чакканда айтыла турган дарым»
4. Жусуп Баласагын «Кут алчу билим» (үзүндү)
5. Асан Кайгы Ырлары (үзүндү)
6. Калыгул Бай уулу Калыгулдун масели (үзүндү)
7. Арстанбек Буйлаш уулу «Санат» (үзүндү)
8. Алыкул Осмонов «Бөбөккө», «Адамзат», «Тирүүлүк», «Коштошуу», «Өзүмдө өзүм», «Мен кыргыздын акыны», «Музыка»
9. Чыңгыз Айтматов «Саманчынын жолу» (үзүндү)

### Окуучулардын билимине, билгичтигине, ык-машыгууларына коюлуучу талаптар:

*VIII классты бүтүргөн окуучулар төмөнкүдөй билим, билгичтик, ык-машыгууларга ээ болушу керек:*

- көркөм чыгармалардагы сүрөттөөлөрдүн, баяндоолордун, ой жүгүртүүлөрдүн маанисин билүү, кыргыз тилинде жана өзбек тилинде тексттин маанисин айтып берүү;
- текстти эркин которуу;
- чыгарманын темасын, идеясын аныктай алуу;
- тексттен түшүнбөгөн сөздөрүн сөздүктөрдөн табууга жетишүү;
- каармандардын иш аракетин, мүнөзүн, образдарды талдай билүү;
- өзбек адабиятындагы темасы, идеясы, сюжети окшош чыгармалар менен салыштыра алуу;
- орто кылымдардагы тарыхый мурастар, жазма адабият жана төкмөчүлүк тууралуу түшүнүккө ээ болуу;
- жаттаган чыгармаларды кыргызча көркөм айтып берүү;
- тексттердин негизинде мамлекеттик тилде жазма иштердин ар кандай формаларын аткара билүү;
- «Манас» эпосунан үзүндү айта билүү ж.б.

## IX КЛАСС (жыл бою 34 саат)
## I ЧЕЙРЕК (9 саат)

### ЭЛДИК АКЫНДАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

**Молдо Нияз «Даткайым» (1 саат)**

Аялзаттын сынын даңазалаган чыгарма, андагы аял, эне, жар, сулуулук, акылмандык, адамгерчилик жөнүндө ырчылык көз караш. Акындын лексикасын, стилистикасын башка тилдер менен салыштыруу

**Коргоол Досу уулу «Токтогул дүйнөдөн өткөндө Корголдун айткан кошогу» (1 саат)**

Ырдын тарыхый негизи. Токтогулдун тагдырынын татаалдыгы жана аны Коргоолдун туя билиши, элге жеткире алышы. Учурашуу ырынын салттарынын сакталышы. Кошок – адабий жанр катары жана эл турмушундагы кошоктордун ролу. Коргоолдун кошогунун стилдик бөтөнчөлүктөрү

**Тоголок Молдо «Алкы жаман карышкыр», «Арстандын күчүгүн асыраган мышык»** *(тамсилдер)* **(2 саат)**

Кыргыз адабиятындагы тамсил жанры жана Тоголок Молдонун тамсилдери. Тамсилдердеги каймана образдар. Каармандардын сүйлөшүүлөрү. Ачкөздүктүн, алкы бузуктуктун ашкерелениши. Тамсилдерди ролдоштуруп аткаруу. Чыгармалардын тилин талдоо

## КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

**К.Акиев «Баскан жол» (үзүндү) (2 саат)**

Үзүндүдө акын өзү көрүп-билген турмуш көрүнүшү. Баяндоонун мемуардык мүнөзү. Каармандарды сүрөттөөнүн ачыктыгы, тактыгы, окуяларды берүүдөгү ырааттуулук.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик кайталоо (1 саат)**

## II ЧЕЙРЕК (7 саат)

**Мукай Элебаев «Узак жол»** ***(үзүндү)*** **(2 саат)**

Эл башынан өткөргөн оор турмуш картинасы. Эркиндик, Атажурт темасы. Жетимчилик, анын кесепети реалисттик боёктордо. Чыгармадагы таптык жиктелүүлөр. Каармандардын мүнөздөрүнүн айрымачылыктары. Жазуучунун тили

**Алыкул Осмонов «Адамзат», «Тирүүлүк», “Коштошуу”, “Өзүмдү өзүм (2 саат)**

Алыкул Осмоновдун кыргыз поэзиясындагы жаңычылыгы. Лирикаларындагы лирикалык образдын ачылышы, акындык ички толгонуулар, предметтүүлүк. Ырлардагы көркөм боёктор. Философиялык лирикаларындагы ойлорунун тереңдиги, акындык жүзүнүн тазалыгы, табигыйлыгы, өмүр жана өлүм карама-каршылыктарынын терең иштелиши, кайраттуулугу, оптимисттик духу. Акындын ырларынын жөнөкөйлүгү. Образдуулук, конкреттүүлүк. Атуулдук милдет жана адамдык парз. Улуулук жана сулуулук. Образ ачуудагы колдонулган ыкмалар. Ойлордун тереңдиги

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик кайталоо** (1 саат)

## III ЧЕЙРЕК (9 саат)

**Жалил Садыков «Манастын уулу Семетей»** *(үзүндү)* **(2 саат)**

Драманын эпостук негизи. Семетейдин алыс жердеги балачагы жана Мекенди тую сезими. Атажуртту коргоо, азат кылуу идеясы. Баатырдык, айкөлдүк, эрдик темалары. Тууган жерге кусалык, тууган жердин ыйыктыгы. Тулпарлар. Акылмандар. Улуулар жана кичүүлөр байланышы. Драманы сахналаштыруу

**Чыңгыз Айтматов «Бетме бет»** *(үзүндү)* **(2 саат)**

Улуу Атамекендик согуш учурунун реалдуу картинасынын чыгармага негиз болушу. Ысмайыл жана Сейде: мүнөздөрдүн эволюциясы. Согуш учурундагы кыргыз айылынын картинасы. Каармандардын портрети. Пейзаждык сүрөттөөлөрдүн чыгармадагы мааниси. Бозгундук жана мекенчилдик. Адам – Мекен – коом түшүнүктөрү, алардын биримдиги,

гармониясы. Учур жана тагдыр. Чыгармадагы монологдор, диалогдор, сүрөттөө каражаттары. Жазуучунун тил байлыктарды колдонуусун талдоо. Өзбек (тажик) тилине которулган повесть менен кыргыз тилиндегисин салыштыруу

**Мурза Гапаров «Наташа Ростованын биринчи балы» (1 саат)**

Жаш адамдын дүйнөсүн берүүдөгү жазуунун чеберчилиги. Диалогдор. Баяндоонун кыскалыгы, тактыгы, предметтүүлүгү. Автордун каармандын ички дүйнөсүнө кирүү бөтөнчөлүгү

**Шайлообек Дүйшеев «Кайдыгерлик» (1 саат)**

Ырдын идеясы – турмуштук көрүнүштөргө кайдыгер болбоо. Улуттук аң-сезим, улуттук тил жана алардын азыркы абалын публицистикалык маанайда берүү. Жаштар жана алардын бүгүнкү жашоо образы. Автордун чакырыгы. Акындын чакырыктык-публицистикалык стилин талдоо

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**

**Чейректик кайталоо (1 саат)**

## IV ЧЕЙРЕК (9 саат)

### КАЗАК АДАБИЯТЫ

**Абай. «Насаат сөздөрү» (тандалган үзүндү) (1 саат)**

Абай Кунанбаев – казак элинин акыны, агартуучусу, музыканты, ойчулу, коомдук ишмери. Акындын чыгармасындагы элдик педагогика жана фольклордун таасири. Адам болуу тууралуу идеялар жана алардын эл турмушундагы мааниси. Акындын философиялык ойлорунун бүгүнкү күндөгү мааниси

*Адабият теориясынан маалымат: Дидактикалык чыгарма*

**М.Макатаев. «Мекен тууралуу», «Үч бактым» (1 саат)**

М.Макатаев – казак элинин белгилүү акыны. Мекен, тил тууралуу ырларынын көркөмдүгү, бүгүнкү күндөгү мааниси

### ОРУС АДАБИЯТЫ

**И.С.Тургенев. «Муму» (1 саат)**

Повесттеги реалдуулук. Турмуштук жана нравалык сүрөттөлөр. Герасимдин адептик белгилери. Герасим жана Муму. Гуманизм идеясы. Азап тартуу жана ташбоордук. Автордук позиция

*Адабият теориясынан маалымат: Повесть*

**А.П.Чехов. «Хамелеон» (1 саат)**

А.П.Чехов жана дүйнөлүк адабияттагы аңгеме жанры. Адам жана анын ар кандай ситуациялардагы аракеттери. Жазуучунун адам мүнөзүн ачуу чеберчилиги

*Адабият теориясынан маалымат: Көркөм деталь*

### ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШ АДАБИЯТЫ

**А.Фирдоуси. «Шах-наме» поэмасынын үзүндү (1 саат)**

Акындын чыгармаларындагы тарыхыйлык, масштабдуулук. Элдик оозеки адабиятынын таасири. Баатырдыктын романтикасы. Ак ниеттүүлүк жана карасанатайлык, баатырдык жана коркоктук, сулуулук жана куниктик. Чыгарманын этико-эстетикалык сабактары

*Адабият теориясынан маалымат: Эпикалык чыгармалар*

**Омар Хайям. Рубаилер (1 саат)**

Рубаилердин курулуш өзгөчөлүктөрү. Жанрдын калыптанышына О.Хайямдын кошкон үлүшү. Акындын сүйүү, жашоо, жаштык темасындагы философиялык ой жүгүртүүлөрү. Рубаилердеги тема жана идея. Рубаилердин котормолору

*Адабият теориясынан маалымат: Рубаи*
**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* **(2 саат)**
**Чейректик жана жылдык кайталоо (1 саат)**

**Жалпы:**
*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн – 22 саат*
*Жазуу жумуштары үчүн – 8 саат*
*Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн – 4 саат*

## ЖАТТООГО СУНУШ КЫЛЫНГАН ЧЫГАРМАЛАР:

1. Коргоол Досу уулу «Токтогул дүйнөдөн өткөндө Корголдун айткан кошогу» (үзүндү)
2. Тоголок Молдо «Алкы жаман карышкыр», «Арстандын күчүгүн асыраган мышык»
3. Жоомарт Бөкөнбаев «Жайдын кечи», «Кышкы тоо»
4. Аалы Токомбаев «Мезгил учат» (үзүндү)
5. Алыкул Осмонов «Кыргыз тоолору»
6. Сүйүнбай Эралиев «Бүбүсара» (үзүндү)
7. Жалил Садыков «Манастын уулу Семетей» (үзүндү)
8. Шайлообек Дүйшеев «Кайдыгерлик»

## Окуучулардын билимине, билгичтигине, ык-машыгууларына коюлуучу талаптар

*IX классты бүтүргөн окуучулар төмөнкүдөй билим, билгичтик, ык-машыгууларга ээ болушу керек:*

- төкмө ырчылык өнөр менен жазма акын-жазуучулардын чыгармачылыгынын өзгөчөлүктөрүн айырмалай билүү;
- үйрөнүлүп жаткан чыгарманын тектик, түрлүк, жанрдык айырмачылыгын билүү;
- тексттеги сөздөрдү эркин которо алуу;
- чыгарманын негизинде ар кандай жазуу жумуштарын аткарууга жетишүү;
- жаттоого берилген чыгармаларды көркөм, шыдыр айта алуу;
- тексттин планын түзө алуу, пландын негизинде оозеки жана жазуу жумуштарын жүргүзүү;
- өзбек адабиятынан үйрөнүлүп жаткан чыгармага окшоштугу бар чыгармаларды таба билүү;
- тексттен таяныч сөздөрдү таап чыгуу;
- тексттеги көп колдонулган жана аз колдонулган сөздөрдү белгилөө;
- прозалык тектеги чыгармаларды драмалык текке кыргыз тилинде айлантып жаза алуу;
- чыгармаларды тарыхый окуялар менен салыштыра билүү.

# III. ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ ФОРМАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО

## 3.1. Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятын окутуу процессин уюштуруу формалары

Программага ылайык окуу китептери хрестоматия-окуу китеби тибинде түзүлөт (жазылат), б.а. бардык класстарда көркөм чыгармалардын тексттери сунуш кылынган саатка ылайык, кыскалары толук, көлөмдүүлөрү үзүндү түрүндө окуулуктарга киргизилет, ошондуктан бардык эле чыгармаларды толук үйрөтүү мүмкүн эмес, окуучулардын адабий чыгарманы окуп-түшүнүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу биринчи милдет болуп саналат.

Бул программа менен окутууда сабактарда текстти талдоо учурунда эң көп жумуштар ошол тексттеги кыргыз сөзүн үйрөнүүгө жумшалат, демек, монологдук жана диалогдук речтерди талдоо, автордун баяндоо, ой жүгүртүү, сүрөттөө стилдерин аңдап билүү, ыр түзүлүшүн анализдөө, чыгарманын тилин ар тараптан изилдөө. Айрым чыгармаларды орус (өзбек, тажик) тилине которуу жана котормолорду салыштыруу, тааныш эмес сөздөрдүн лексикалык маанилерин ачуу, сүйлөмдөрдүн стилистикалык түзүлүшүн байкоо сыяктуу тилдик жумуштар көп жүргүзүлөт.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабият сабагы кыргыз тили сабагы менен терең интеграцияланып жана бири-бирин толуктап окутулат. Экөөнүн тең максаты – Кыргызстанда кыргыз тилин кеңири чөйрөдө, оозеки жана жазуу формасында колдонууга жетишүү.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабият сабагында мугалим окуучулардын орус (өзбек, тажик) адабияты сабактарынан алган маалыматтарын, билимдерин колдонушу зарыл.

Сабакта окуучулар оюн ар түрдүү позициядан айтууга, өз ойлорун эркин демонстрациялоого, каармандарга жана окуяларга жеке көз карашын билдирүүгө тарбиялоо зарыл.

Билим берүү процессинде башкы орун окутуу методдоруна таандык, метод канчалык майнаптуу болсо, балага мугалим тарабынан берилип жаткан билим ошончолук жугумдуу жана натыйжалуу болору бышык.

Метод – бул ишмердүүлүк, бул чыгармачылык. Ошол чыгармачылык аркылуу бул же тигил методго ар бир доордо, ар бир мугалим тарабынан жаңы нерселер кошулуп турат.

Метод «коюлган максатка ылайык келүүчү натыйжага жетишүүнү камсыз кылуучу адамдын аң-сезимдүү, белгилүү ырааттыкта аткарган иш-аракеттеринин системасы» болуп саналат. Ал: а) максаттын коюлушун; б) адамдын ишмердүүлүгүн (аракеттеринин системасын); в) зарыл болгон (интеллектуалдык, практикалык, предметтик) каражаттарды; г) объектинин өзгөрүү процессин (обьектин максатка багытталган кыймылынын механизми); д) максатка жетүүнү камтыйт».

Салттуу адабият сабактары: текстти көркөм окуу; текстти чечмелеп түшүндүрүү; оозеки докладдар; жазуу жумуштары; лекция сабагы;мугалимдин көркөм окуусу; текстти жаттоо; тексти кайра айтып берүү; тексти көркөмдөп айтып берүү, чыгармадагы ойду толуктап баяндоо; текстти көркөм иллюстрациялоо; баарлашуу сабагы; экскурсия сабагы; көрмө сабак; өз алдынча иштөө сабагы; лабораториялык жана практикалык сабактар; сабактардын ар кыл түрлөрүн айкалыштыруу сабагы; ар түрдүү мүнөздөрдү салыштыруу сабактары ж.б.

Салттуу эмес адабият сабактары: сахна-сабак; жомок-сабак; пресс-конференция сабагы; теле көпүрө сабагы; дебат сабагы; ток-шоу сабагы; интервью сабагы; тегерек үстөл сабагы; иштиктүү оюндар сабагы; дидактикалык оюндар сабагы; акылдуулар, тапкычтар клубу (КВН) сабагы; адабий викторина сабагы; диспут-сабак; мелдеш-сабак; концерт-сабак; конкурс-сабак ж.б.

Салттуу эмес адабият сабактарына кирүүчү интерактивдүү адабият сабактары: «мээге чабуул»; инсерт; кластер; сынчыл ойлом; диалог; талаш-тартыш (диспут); талкуу; проблемалык кырдаалдар; издөө-иликтөө ишмердиги; оюн; эксперимент ж.б. Буларды мындай методдорго жалпылоого мүмкүн: түшүндүрмө-иллюстративдик, же маалыматтык-рецептивдик; репродуктивдик; проблемалык баяндоо методу; эвристикалык, же жарым-жартылай изденүү; изилдөөчүлүк метод.

Сонку учурда маалыматтык каражаттардын (интернет, видео, аудио материалдары) мүмкүнчүлүгүнөн улам долбоорлоо методу көп колдонула баштады, адабиятты башка предметтер менен байланышта (интеграциялап) окутуу технологиялары, сабак-таанытым (урок-презентация) да кеңири пайдаланылып жатат.

Адабиятты окутуу методдору төмөндөгүдөй классификацияланат:

**Эвристикалык (жарым-жартылай изилдөө) методу** – текстти бир топ терең талдоого жол ачып, адабияттануунун материалдарын пайдаланат, б.а., адабий чыгарманы илимий-теориялык жактан таанып билүүгө жол ачылат. Проблеманы чечүүнүн ар кандай жолдору изделет. Булар көбүнчө эвристикалык аңгемелешүү аркылуу ишке ашат. Бул методду жарым-жартылай изденүүчүлүк деп да аташат. Тапкычтыкты, активдүүлүктү өнүктүрүүчү окутуунун методу катары мугалим менен окуучунун чыгармачылык иш аракетинде тапшырмаларды табуу жолун тездетет.

Эвристикалык методго төмөнкүдөй ыкмалар мүнөздүү:

1. Суроолордун логикалык жактан так коюлушу жана ошонун негизинде окуучулардын кандайдыр бир көрүнүштөрдү байкоолордон анализдөөгө, жеке мүнөздөгү жыйынтыктардан жалпылоолорго өтүшү.
2. Көркөм чыгарманын текстти, же сын макала, иллюстрациялык материалдар боюнча жалпы класс, же бир топ, же жеке берилген суроолордон турган тапшырмалардын системасын ылайыктуу жайгаштыруу.
3. Мугалим тарабынан проблеманын коюлушу же аны окуучулардын улантышы, диспут өткөрүү.

*Методикалык ыкмалары* – өз алдынча билим алууга шарт түзүүчү, текст боюнча тапшырмалардын ырааттуулугун жайгара билүүчү, проблема чыгара алуучу суроолордун логикалык системасын таба алуу.

*Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү* – көркөм чыгармалардан материалдарды ылгай алуу; текстти анализдөөнүн элементтери менен айтып берүү; эпизодду анализдөө; образ-каармандарды анализдөө; дилбаянга, докладга ж.б. иштерге план түзүү; проблеманы көтөрө билүү.

**Изилдөөчүлүк методу –** кыргыз адабияты предметине чыгармаларды өз алдынча талдоо жүргүзүүчү ишмердүүлүк. Мында окуучулар жеке жана топтук изилдөө жүргүзүү менен чыгарманын идеялык-эстетикалык кунарын ачып билип, турмуш жана өз жашоосу менен салыштырып, көркөм табитин көтөрөт. Бул жагынан ал эвристикалык методго жакын болгону менен мында эвристикалык методдон үйрөнгөн чыгармаларды талдоо жана аларга баа берүү инструментарийлерин анадан ары иштетип, бир топ татаал проблемаларды окуучулар өз алдынча чече баштайт.

*Методикалык ыкмалары* – изилдөөчүлүк милдет тагылган проблемалык суроолорду коюу.

*Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү* – көркөм чыгарманын бөлүктөрүн же бүт баарын өз алдынча талдоо, салыштыруу, баа берүү. Мугалим окуучуларга багыт жана кеңеш гана берет да, өзү пассивдүү байкоочу катары сыртта турат, изилдөөнү жана иликтөөнү окуучу же окуучулар тобу жүргүзөт. Мында ар кандай эссе, дилбаян, доклад

жазууга, адабияттаануу, эстетика багытындагы эмгектерди пайдаланууга өзгөчө көңүл бурулат да, окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө шарт түзүлөт.

**Репродуктивдүү метод.** Окуучулар билимди даяр түрдө алат, мисалы, алар мугалимдин лекциясынан, баяндоосунан, окуулуктардан, окуу колдонмолорунан, адабияттаануу багытындагы китептерден предметке байланыштуу маалыматтарды алат. Бирок бул ошол материалдарды ошол бойдон «мээсине көчүрүп алат» дегендик эмес, механикалык кабылдоодон аң-сезимдүү кабыл алууга өтөт дегендик. Даяр материалды бала өз даярдыгына жараша иштеп чыгып, жалпылап, жыйынтыктап, мурда алган билими менен толуктап турат.

***Методикалык ыкмалар*** – мугалимдин баяндоосу; мугалимдин лекциясы; обзордук лекциялар; окуу китеби жана окуу куралдары боюнча тапшырмаларды берүү.

***Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү*** – мугалимдин лекциясынын планын түзүү жана конспектилөө; план коюу; окулган материалдарды конспектилөө жана тезис жазуу; синхрондук таблицаларды аткаруу; мугалимдин лекциясы, окуу китеби, окуу колдонмолору боюнча оозеки жоопторду даярдоо; тема же проблема боюнча жалпылоочу багыттагы дилбаяндарды, докладдарды даярдоо.

**Долбоорлоо методу.** Соңку кылымда азыркы педагогикада долбоорлоо (проект) методу деген түшүнүк пайда болду. Долбоорлоо методу окуучулардын жамаатташып иштөөсүнө жана алардын чыгармачылык активдүүлүгүн, ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын өстүрүүгө багытталган ишмердүүлүк. Мугалим менен окуучу кызматташып, ар кандай илимий билимдердин табылгаларын пайдаланып жаңы нерселерди издеп, аларды долдоорлойт. Методдо бала билген билимди дагы байытып, дагы өркүндөтүп гана калбай, аны иш жүзүндө колдоно баштайт.

**Биринчи этап** – уюштуруу этабында топтор жана алардын кызыгуу чөйрөсү аныкталат.

**Экинчи этап** – болочок долбоорду тандоо жана башкы идеяларын талкуулоо этабы болот да, анда долбоорду эмне үчүн түзөбүз жана андан кандай натыйжаларды алабыз дегендей максат-милдеттер белгиленет, тема дагы так аныкталып, план түзүлөт.

**Үчүнчү этап** – долбоордун курамын аныктоо, топторго милдеттерди бөлүштүрүү жана керектүү материалдарды тандоо этабында жалпы жөнөкөй план жазылат (ал кийин кеңири багытта түзүлүүгө тийиш), тема боюнча топтун жана окуучулардын кызыгууларына жараша тарыхый, археологиялык, крайтаануу, искусство чыгармалары, иллюстрациялар тандалат.

## 3.2. Окуучулардын окуу ишмердүүлүктөрүн баалоонун критерийлери

Кыргыз жана дүйнөлүк адабият сабагындагы билимдин натыйжасын баалоо окутуп үйрөтүүнүн формалары жана методдорунун максаты менен тыгыз байланышта. Баалоонун максаты – күтүлүп жаткан билимдин чыныгы натыйжаларына карата аныктоо. Окуучулардын билимин баалоодо мугалим окутуунун методдоруна жана формаларына жараша түрдүү методдорду колдонот.

**Баалоонун негизги принциптери:**

Окуучуларды баалоодо мугалим – ***объективдүүлүк, негиздүүлүк, системалуулук, бирдиктүү талап, ар тараптуулук, жекелик***мүнөздөгү принциптерди жетекчиликке алышы зарыл.

***Объективдүү*** баа субъективдүү жана жаңылыш ойду жокко чыгарат. Обьективдүүлүк көп фактордон көз каранды. Алардын ичинен эң маанилүүсү окуунун максатынын диагноздуулугу, баанын мазмуну менен объектти тандоонун негизделиши, талдоо, жыйынтыктарды баалоо методдору менен камсыздалышы. Объективдүүлүк төмөнкүлөрдөн турат:

- билим берүү системасынын көсөткүчтөрү менен критерийлерин аныктайт;
- илимий негизделген баалоо каражаттарынын мазмуну (суроолор менен тапшырмалар, тесттер, анкета, сурамжылоо);
- ар түрдүү баалоо процедураларынын (байкоо, өлчөө, анкета алуу, суроо-жооп) туура келүүчүлүгү;
- талапка жооп берген критерийлер аркылуу системадагы компоненттердин абалын баалоо.

Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе баанын чындыгынын объективдүүлүгү баалоону аткаруучу мугалимдерден, баа каражаттарынан жана методдордон көз карандысыздыгы.

***Негиздүүлүк.*** Коюлган баа сөзсүз аргументи менен болушу керек. Ошол эле учурда, аргумент мазмундуу мүнөздөлүп жана мазмун формасы менен окуучунун аткарган ишине, баанын критерийлеринин талабына жооп берүүсү керек. Бааны негиздөөдө мугалим окуу материалынын көлөмүн, деңгээлин жана берилген тапшырманын аткарылган сапатына көңүл буруусу керек. Мугалим бааны аргументтегенде төмөндөгүлөрдү бөлүп көрсөтүшү керек:

- окуучунун анализ бере билүү билгичтиги;
- себеп-натыйжалык байланыштын орнотулушу;
- ой-жүгүртүүнү маалымдоосу;
- өзүнүн көз карашын далилдөөсү;
- ар кандай шартта алган билимин колдоно билүүсү;
- окуу материалын жалпылоо менен негизгисин белгилеп көрсөтө билүүсү.

***Системалуулук принциби*** билим берүү процессинин баштапкы этабынан акырына чейин баа ишмердүүлүгү аткарылат. Системалуу баалоого билим берүү системасынын бардык компоненттери дуушар болот. Контролдоо менен баалоону системаны туруктуу текшерген жыштыкта өткөрүү керек. Баалоонун системалуулук принциби комплекстүү ыкма аркылуу аткарылып, ар кандай формалар, методдор жана баа каражаттары тыгыз байланышта бирдиктүү максатта башкарылат.

***Бирдиктүү талап.*** Көпчүлүк учурларда кээ бирокуучуларга жеңил суроолор берилсе, кээ бирөөлөргө узак жоопту талап кылган тапшырмалар берилет. Ал эми окуучулардын билими бирдей балл менен бааланат. Бардык окуучуларга бирдей талап коюлушу керек. Баалоодо бирдиктүү программалык талаптар коюлушу керек, билимди баалоодо бирдей критерий болууга тийиш. Окуучулар кандай билимди кандай көлөмдө өздөштүрүшү керек экендигин билүүсү керек.

***Ар тараптуулук принциби.***Баалоо окуучулардын ээ болгон билимдерин аныктоону, жана ошондой эле билгичтик менен көндүмдөрдү калыптандыруунун даражасын аныктоону шарттайт, алар ар тараптуулук принцибинин мазмунун түзүшөт. Мугалим ар тараптуу өнүгүү принцибин жетекчиликке алуу менен төмөндөгүлөрдү эске алуусу керек:

- өздөштүрүлгөн материал боюнча билимдин көлөмүн (окуу обьектилери жана билимдин элементтери, түшүнүк, мыйзамдар, идеялар ж.б.);
- өздөштүрүлгөн билимдин деңгээли, билимди текшерүү, стандарттык эмес шартта билимди колдонуу;
- билимдин сапаты (толуктугу, бекемдиги, тереңдиги, ийилчээктиги ж.б.).

***Жекелик принциби.*** Баа жекелик мүнөздү да алып жүрөт. Оозеки же фронталдык суроо-жоопто, дилбаян жазганда же жат жазуу жазганда, экзамен же зачетто дайыма өзгөчөлөнгөн билими билинип турат. Ошондуктан, баалоо процесси ар бир окуучунун билиминин деңгээлин билгенден кийин жүргүзүлүүгө тийиш. Жекелик принциби төмөндөгүлөрдү аныктоону талап кылат:

- окуу материалы боюнча окуучу эмнелерди билет;
- окуучунун билим деңгээли кандай;
- окутуу процессинде окуучу эмнени үйрөнө алган жок;
- жетишпегенин себеби кайсы;

- билими боюнча жетишпегендигин жоюу үчүн эмне кылуу керек.

Ошондуктан, бул принциптин маңыз ар бир окуучунун өгөчөлүгүн жакындан билүү болуп саналат.

**Баалоонун түрлөрү:**

Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктери менен өсүшүн өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат: *диагноздоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу.*

**Диагностикалык баалоо:**

Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып, жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныкташына, окуучуга берилүүчү тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизишине жана анын өркүндүтүшүнө негиз болот.

Билим берүү процессинде педагогикалык диагноздоо төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:

- жетишүү деңгээлин аныктоо;
- окуучунун жетишкендиктерин анын мурдагы абалы менен салыштыруу;
- окуучунун билиминдеги кемчиликтердин себебин анализдөө;
- келечегиндеги жетишкендиктерди прогноздоо;
- окуучунун жетишкендиктерин интерпретациялоо жана баалоо;
- окуучуга диагноздоонун натыйжаларын маалымдоо;
- диагноздоонун натыйжасына карата окуучунун иш-аракетин көзөмөлдөө.

Мугалим өзүнүн окуучуларын системалуу түрдө байкоосунун өзү эле диагноздоочу ишмердүүлүк болуп саналат. Мындан улам диагноздоочу маалыматтарды чогултуу кандай шартта ишке ашырылгандыгын: дал келген каражаттар мененби (класстык иштер, тесттер, анкеталар ж.б.) же ансыз элеби (мисалы, жөн гана байкоо методу) талкуулоо анчалык мааниге ээ эмес.

Диагноздоодо алгач байкоого алынган бир жак менен башка бир стандарттык деп кабыл алынган экинчи жак салыштырылат. Ага анализ кемчиликтердин себебин аныктоо максатында жүргүзүлүп, абалга жараша индексацияланып, баа берилген соң гана ошол баа менен кийинки кырдаал прогноздолот.

**Калыптандыруучу баалоо:**

Калыптандыруучу баалоо – бул окуу жана окутуу процессинин алгачкы этабында өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында окуучунун өнүгүүсүн баалоо. Баалоонун бул түрүн окутууну жакшыртуу үчүн баалоо деп атоого болот. Калыптандыруучу баалоо мугалимге окуучуну окутуу максатында жасалган аракеттерди көзөмөлөөгө жардам берсе, окуучу үчүн – билим алууга карата өзүнүн жоопкерчилигин сезүүгө, мугалимдин жардамы аркылуу жеке өнүгүүсүн көзөмөлдөөгө жана план түзүүгө жардам берет. Балоонун бул түрү окутуунун инсанга багытталган принцибин ишке ашырууга негизделген. Калыптандыруучу баалоо мугалимге ар бир окуучу менен жекече иштөөгө жана окуу материалын окуп үйрөнүүдөгү айрым жетишпестиктерди аныктоого жана окуу процессин системалуу түрдө жөнгө салып турууга мүмкүндүк берет.

**Жыйынтыктоочу баалоо:**

Жыйынтыктоочу баалоо – булокуу процессинин тигил же бул этабын жыйынтыктоо (жыйынтыгын чыгаруу) үчүн колдонулуучу баалоо.

Жыйынтыктоочу баалоо белгилүү бир убакыт аралыгында окуучунун билиминин, билгичтигинин жана анын компотенцияларынын жыйынтыгы мамлекеттик билим берүү стандартындагы коюлган талапка жооп берүү деңгээлин аныктайт. Аны билим берүү этаптарында жүргүзүү аркылуу ишке ашырууга болот. Жыйынтыктоочу баалоо – бул таанып билүү процессинин тигил же бул этабында жалпылоо (жыйынтыгын чыгаруу) үчүн колдонулган баалоо.

Жекече аткарылган тапшырмаларды ***утурумдук баалоо*** баанын нормаларына жараша (туура чыгарылыштардын саны, кетирген каталардын саны, аткаруу эрежелеринин тууралыгы ж.б.), ошондой эле мугалим тапшырган өзүнчө ишти аткаруу боюнча критерийлерге жараша жүргүзүлөт. Мугалим утурумдук баалоодо окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүнө жараша окуу материалын өздөштүрүүсүнө баа берет.

***Аралык баалоо*** төмөндөгү иштердин түрүн аткаруунун негизинде жүргүзүлөт:

- жазуу иштер/булактар менен иштөө;
- оозеки жооп /жүзачар;
- долбоор, изилдөө иши, иштердин бөтөнчө түрлөрү;
- портфолио (жетишкендиктер папкасы) ж.б.

Иштердин бардык түрлөрү баалоо критерийлеринин негизинде бааланып, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баалоо планын иштеп чыгууда алдын ала пландалат.

***Жыйынтыктоочу баалоо*** мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы ылайык) жүргүзүлүп, аракеттеги ченемдер менен баалоонун иштелип чыккан критерийлерге жараша кат жүзүндөаткарылат.

Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана жыйынтыктоочу баалоодогу салыштырма катыш окутуу баскычтары менен предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат.

Иштердин формасынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алып аныктайт.

**Баалонун типтери**

Билим берүү тутумунда милдеттери менен айырмалануучу педагогикалык баалоонун эки түрү колдонулат: *ченемдик* жана *критерийлик*.

Айрым окуучулардын билимдерин ченемдик баалоо окуп жаткандардын өзүнчө тобунун даярдык деңгээлине карата жүргүзүлөт. Анын максаты – айрым окуучулар менен калган окуучулардын ортосунда билимдерин иш жүзүндө салыштыруу.

Айрым окуучулардын билимдерин кртерийлик баалоо белгиленген стандарттарга ылайык жүргүзүлөт. Анын максаты белгиленген стандарттарга ылайык айрым окуучулардын жетишкен натыйжаларын сыпаттоо.

Баалоонун бул эки түрү бири бирин жокко чыгарбайт, педагогикалык практикада ченемдик дагы, критерийлик дагы баалоо зарыл.

Мугалим баалоонун кайсы түрүн колдонуу керктигин аныктоо үчүн баалоонун максатын эске алышы абзел.

Эгер ар бир окуучунун окуу материалынын маанилүү бөлүгүн өздөштүргөн-өздөштүрбөгөндүгүн аныктоо зарылболсо, бул учурда баалоонун критерийлик түрүн колдонуу шарт. Предмет боюнча мектеп олимпиадасына катыштыруу үчүн класстан бир нече окуучуну тандап алуу зарыл болгондо сөзсүз баалоонун ченемдик түрү керек.

**Оозеки жоопторду баалоонун критерийлери**

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз жана дүйнөлүк адабият предметинен окуучулардын жетишкендиктерине коюлган талаптар жана аларды баалоонун болжолдуу нормалары төмөнкүдөй аныкталды:

**Окуучулардын оозеки жоопторуна коюлган талаптар:**

- кыргызча сүйлөө речинин тактыгы;
- айта турган оюнун жеткиликтүүлүгү;
- логикасынын ырааттуулугу;
- адабий тилге ылайыктуулугу (бирок диалект жана говордук өзгөчөлүктөрдү пайдалангандыгы үчүн окуучунун баасын төмөндөтүүгө болбойт);
- суроо-тапшырманын айланасынан чыкпоосу;
- кыргыз тилинин сөз байлыктарын колдонуу деңгээли;

- кыргызча тыбыштарды туура айтуу, интонацияны сактоосу;
- көркөм чыгарма тууралуу оюн кыргыз тилинде баяндап жаза алуусу ж.б.

**Оозеки жоопторго баа коюунун нормалары:**

**«5»** деген баа чыгарманын үзүндүсүн (текстти) туура түшүнсө, оюн логикалык ырааттуулукта айтып бере алса, айтып жаткан оюн аргументтер менен бекемдей билсе, предметке карата индивидуалдуу көз карашын билдире алса, речинде кыргыз тилинин лексикалык сөз корун туура жана ылайыктуу пайдалана алса коюлат. Бирок жогорудагы талаптардын анча маанилүү эмес бир-эки гана кемчилдик учуру кездешип калса да «5» деген баа коюуга болот.

**«4»** деген баа суроо-тапшырмага, негизинен, жооп берилсе, тексттин жалпы идея-темасын окуучу түшүнгөндүгүн көрсөтсө, сүйлөө речи, логикалык ырааттуулугу дурус болсо, бирок 2-3 учурдан «5» деген баанын талаптарына жетпей калгандыгын көрсөтсө коюлат.

**«3»** деген баа тема толук ачылбай, окуучу оюн анчалык жеткире албаса, сөз байлыгы жарды болсо, 3-5 учурда кемчилдик кетирсе коюлат.

**«2»** деген баа окуучу теманы ача албаса, текстти туура түшүнбөсө, суроо-жоопторго туура эмес жооп берсе, сөз байлыгы өтө жарды болсо, ойлору чачкын, ыраатсыз берилсе коюлат.

**«1»** деген баа менен «2» деген баанын талаптары да аткарылбаган учурда бааланат.

**Окуучунун көркөм окуусуна берилген баалоонун критерийлери**

Көркөм окууда **«эң жогорку баа»**тексттин темасы менен идеясын окуучунун түшүнүп, үн кубултуп, артисттик кыраатта менен окуусу, окуганын өз сөзү менен баяндап бере алуусу, тексттин интонациясын окутуунун темпин, үзүндүдөгү айтылган ойдун маанисин сактай билүүсү, тыныш белгилерине туура басым жасап окуй билүүсү, сөздөрдү туура окуусу, көркөм окуунун бардык эрежелерин туура сактоосу, ал тургай монологдорду, ыр саптарын, же эпостордон үзүндүнү өз алдынча көркөм жатка айтып берген окуучуларга коюлат.

**«Жакшы»** деген баа менен бир катар синтаксистик обороттордун айтылышынын же интонациядан мүчүлүштүк кетирип, бирок жалпысынан тексттин мазмунун түшүнө билсе, көркөм, үн кубултуп окуй алса, тыныш белгилерине туура мамиле жасаганда бааланат.

**«Орто»** деген баа менен окуучунун окуу дикциясы, интонациясы ырааттуу түрдө сакталбай, тексттин мазмунун жеткиликтүү түшүнүп айтып бере албаса, көркөм окуунун эрежелерин жана тыныш белгилерди туура сактай билбесе бааланат.

**«Жаман»** деген баа көркөм окуунун талаптарын такыр билбесе, тексттин мазмунуна жараша окуу интонациясын такыр сактабаса, мазмунун айтып бере албаса, тыныш белгилеринин маанисин билбесе коюлат.

**Дил баянды баалоонун критерийлери**

Дил баян жазуу алдында ага коюлган төмөнкүдөй талаптарды аткаруу жагын өздөштүрүп чыкпаса иш ойдогудай болбойт.

- сунуш кылынган теманы абдан туура түшүнүп, ошонун гана айланасында болуп, «талаалап» кетпей жазуу зарыл. Адабий чыгарма боюнча дилбаян жазууда эң биринчи кезекте иштин аталышы (темасы) кандайча ачылгандыгы эске алынат;
- сөз кылып жаткан чыгармалардын текстин терең жана кылдат, жеткиликтүү өздөштүрүп, ошол текстке тиешелүү болгон адабий-теориялык билим менен камсыз болуу;
- дил баяндар үчүн темага ылайык көркөм форманы табуу, форма менен мазмун бирдигин түшүнүү;
- дил баянда жазуучунун чыгармачылыгы менен ал жашаган мезгилдин, доордун байланышын көрө билүү;
- дил баяндагы башкы ой белгилүү бир система, план менен өрчүп барышы;

- ишти жазууда психологиялык абалды туура сактап, майнаптуу колдоно билүү;

Дил баяндарды баалоодо жана ишке баа коюуда төмөнкүдөй жагдайлар жана чен-өлчөмдөр эске алынышы шарт:

- жалпы жазгандарынын темага ылайыктуулугу;
- ошол темада кайсыл нерселер башкы, ал эми кайсылар экинчи даражада экендиги;
- дил баян бөлүмдөрүнүн байланышы, негизги маселелердин башкы планга чыгып, алардын фактылар менен аргументтүү далилдениши;
- факт, цитаталарды, цифраларды ыктуу колдоно алуу, адабият теориясынын материалдарын пайдалануу;
- иштин актуалдуулугу, бүгүнкү күн менен үндөштүгү, заманбаптыгы;
- тилдик сабаттуулугун көрсөткөндүгү, ар кандай сөз айкаштарын, фразеологиялык түрмөктөрдү, макал-ылакаптарды, образдуу сөз курулмаларына ыктуу колдонулушу, лексикалык байлыгы, орфографиялык, пунктуациялык жактан эреже-нормаларга ылайык келиши, сүйлөмдөрдүн стилдик, логикалык жактан сабаттуу курaштырылышы;
- техникалык жактан жакшы аткарылгандыгы, оңдоолордун, булганган жерлердин жоктугу ж.б.

**Дил баяндын көлөмү болжолдуу түрдө төмөнкүдөй болот (кыргыз адабияты сабагында):**

| классы | дептердин болжолдуу бети | болжолдуу сөз саны |
|---|---|---|
| V | 1-1,5 | 100-150 |
| VI | 1,2-1,7 | 120-170 |
| VII | 1,6-1,9 | 160-190 |
| VIII | 1,8-2,0 | 180-200 |
| IX | 1,9-2,1 | 190-210 |

**Дил баяндарга баа төмөнкүдөй коюлат:**

| Баа | Баа коюунун негизги чен-өлчөмү | |
|---|---|---|
| | **Мазмуну боюнча** | **Сабаттуулугу боюнча** |
| «5» | Иштин мазмуну темага толук жооп берсе;<br>Факт, цифра, цитаталар ыктуу колдонулса;<br>Мазмуну системалуу ачылса;<br>Стилдик биримдик толук сакталса, кеби бай, лексикалык сөз кору ар түрдүү болсо;<br>Жазып жаткан материалга карата жекече көз карашы бар болсо, өзүнчө жыйынтыктарга жана жалпылоолорго келе алса;<br>Иштин композициялык түзүлүшү тыкан, автордун ой чабыты ар тараптуу көрүнсө.<br>Жогорудагыларды аткарууда анча маанилүү эмес бир же эки жетишсиздик болуп калышы ыктымал болсо. | Таптакары катасыз же 1 орфографиялык, же 2 пунктуациялык (орфографиялык каталары жок туруп) катадан ашпаган иштер бааланат. |
| «4» | Иштин мазмуну темага негизинен жооп берсе;<br>Факт, цифра, цитаталар колдонулуп, бирок айрым гана учурда бир-эки так эместик, жетишсиздик байкала калса;<br>Мазмуну негизинен ачылса;<br>Стилдик жактан өтө одоно эмес айрым бир | 2 орфографиялык, же 2 пунктуациялык, же 1 орфографиялык, 3 пунктуациялык, же орфографиялык каталары үчтөн ашпаган иштер |

| | | |
|---|---|---|
| | мүчүлүш учурлар болуп калса;<br>«5» деген баанын талаптарына толук жете албай, 2-3 жерден стилдик кемчилик кетирсе. | бааналат. |
| **«3»** | Иштин мазмуну темага толук жооп бере албаса, бирок теманы ачууда аракеттер болбосо;<br>Автор темадан бир топ алыстап кетсе;<br>Факт, цифра, цитаталарды колдонууда жетишпестик болсо;<br>Синтаксистик сүйлөм курулмалары, лексикасы жарды экенин көрсөтсө;<br>Тема боюнча өзүнчө ой жүгүртүүсү ачык берилбесе;<br>Иштен жалпысынан 4-5 жетишпестик байкалса. | 4 офографиялык, 4 пунктуациялык, же 5 орфографиялык, 5 пунктуациялык, же 7 пунктуациялык (орфографиялык катасы жок туруп) катага чейинки иштер. |
| **«2»** | Иштин мазмуну темага жооп бере албаса;<br>Факт, цифра, цитаталар туура эмес колдонулса;<br>Автордун стили жарды, ою чачкын болуп, өз алдынчалыгы дээрлик көрүнбөсө.<br>Жалпысынан иште 6-7 кемчилик кетирилсе. | 7 орфографиялык, 6 пунктуациялык, же 6 орфографиялык, 8 пунктуациялык, же 8 орфографиялык, 6 пуктуациялык, же 5 орфографиялык, 9 пунктуациялык каталар кеткен иштер. |
| **«1»** | Тема таптакыр ачылбаса;<br>Иш китептен цитата катары алынбай, сөзмө сөз гана көчүрүлсө;<br>Жалпысынан, 7-8ден артык кемчилдиктер кетирилсе. | Каталар «2» деген баанын чегинен да ашып кетсе. |

# IV. МАТЕРИАЛДЫК-РЕСУРСТУК КАМСЫЗДОО

## 4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Окуучу көрүү, угуу, кармап көрүү, тажрыйбада колдонуп көрүү аркылуу элестерди тезирээк аңдап, ал тууралуу ойлонуп, жыйынтык чыгарат. Иллюстрациялар, диафильм, портрет, пейзаж, схемалар баланын окуу материалды түшүнүүсүнө жардам берет. Аудио жазуулар аркылуу анын жаратмандыгы өнүгүүсү мүмкүн. Тажрыйбаларды жүргүзүүсү, кармап көрүүсү, колдонуп көрүшү аркылуу окуучуда ассоциациялаш, талдоо, жөндөмү, актоо жана каралоо сыяктуу көнүмүш жана жаңы жөндөмдөрү өсөт. Окуучу өз ишинин натыйжасын көргөндө жөндөм, ушул иштин автору, жаратмандыгына байланыштуу сезимдери калыптанат жана келечекте өз ордун табууга болгон ишеничи дагы артат. Окуучулардын көнүгүү жана зээндүүлүгүн өнүктүрүүгө таасир көрсөтүүчү ресурстарды 5 түргө бөлсө болот:

1. **Көрүүгө болжолдонгон** – видеокассеталар, слайддар, DVD дисктер, иллюстрациялар, сүрөттөр (портрет, пейзаж, интерьер, экстерьер), схемалар ж.б.у.с.
2. **Угууга болжолдонгон** – аудиокассеталар, уялдук телефондордогу мукамдар (музыкалар), магнитофон тасмаларына жазылган атактуу актёрлордун үндөрүнүн коштоосунда айтылган жомоктор, ыр саптары, обондуу ырлар ж.б.у.с.
3. **Жазууга болжолдонгон** – тест-карточкалар, тесттер, эсселер, түрдүү стилде, түрдүү басылма жана көркөм чыгармалардан алынган тексттер, каттар, дил баяндардын үлгүлөрү ж.б.у.с.
4. **Талдоо кылууга болжолдонгон** – долбоорлор, тажрыйбалар, изденүүлөр, жыйнактар, энциклопедиялар ж.б.у.с.
5. **Сүйлөөгө болжолдонгон** – презентациялар, сахна көрүнүштөрү, топтогу иштер, көркөм чыгармалар ж.б.у.с

## 4.2. Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

Шыктандыруу – окуу ишмердигинин маанилүү структуралык компоненти, ал окуучу үчүн иштелип чыккан ички шыктануу анын калыптангандыгынын негизги критерийи болуп саналат.

Шыктандыруу баланын бардык эле окуу предметтеринин материалдарын эмес, бала өзүнө зарыл болгон материалды өздөштүрүүсүнө түрткү берет.

Чыгармаларды окутуп-үйрөтүүдө алардын мазмунун жеткирүү, талдоо, баалоо окуучуну канааттандыргандай болуп, кийинки жаңы окуу ишмердүүлүктөрдүн калыптанышына таяныч билим катары кызмат кылгандай болуусу керек.

**Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окуп үйрөнүүдө ички шыктандырууну калыптандыруунун жолдору:**

- чыгармалардын түп нускалары менен тааныштыруу;
- чыгармалар боюнча тартылган фильмдерди көрсөтүү, аудио жазууларды угузуу, иллюстрациялар менен иштөө;
- проблемалык кырдаалдарды түзүү;
- стандарттык эмес ыкмаларды колдонуу аркылуу чыгармачылыкты жана логикалык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү;
- чыгармачылыкка кызыктыруунун элементтери менен иштөө: эсселер, дил баяндар, аңгемелер, ырлар ж.б.
- кооптонууну, эригүүнү жаратпастан, таанып-билүүгө шарт түзүлүшү керек; кайтарым байланыш өз убагында болушу керек;
- окуучулардын жакшы жактарын белгилөө керек. негативдүү кайтарым байланыш өтө конкреттүү болуп, окуучуга эмес, иштин мүчүлүш жактарына багытталууга тийиш;
- кемчиликтер элдин көзүнчө айтылып, кемсинткен сөздөр колдонулбоого тийиш.

## МУГАЛИМДЕРГЕ СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАР:


1. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] С.М.Абрамзон. – Б.: «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1999. 895 – б.
2. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] Түзгөндөр: Шериев Ж., Муратов А. – Ф.: 1987
3. Акматалиев, А. Кыргыз адабияты: тарых жана мезгил [Текст] А.Акматалиев. – Б.: 2010. – 940 б.
4. Алимбеков А. Мектеп окуучусунун этномаданий компетенциялары // Шоокум. – 2012. - №2. – 26-б.
5. Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби [Текст] Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1981. – 219 б.
6. Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы. II китеп [Текст] Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1991. – 310 б.
7. Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери [Текст] Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1976. – 286 б.
8. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст] / К.Артыкбаев. – Б.:ТАС, 2004.
9. Байгазиев С. «Манасты» мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуу: абалы, проблемалары, милдеттери // Кутбилим, 2011, 21-июнь
10. Байгазиев С., Рысбаев С. Педагогикалык тажрыйба: изденүүлөр жана табылгалар. – Б.: Мектеп, 1992.
11. Батаканова, С. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери. Монография [Текст] С.Батаканова. – Б.: 2010. – 286 б.
12. Бекбоев, И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын териялык жана практикалык маселелери [Текст] И.Б.Бекбоев.– Б.: Педагогика века, 2004. – 384 б.
13. Бекбоев, И.Б. Педагогикалык процесс: эски көрүнүштөр жана жаңыча көз караштар [Текст] / И.Б.Бекбоев. – Бишкек, 2005.
14. Беспалько, В.П. Педагогика и прогрессивние технологии обучения. [Текст] / В.П. Беспалько – М.: ИРПО, 1996. – 336 с.
15. Ибраева М. Жогорку класстарда романдарды окутуу [Текст] / М.Ибаева. – Б.: 2011. – 168 б.
16. Измайлов, А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана [Текст] / А.Э.Измайлов. – М.:1991. – 400 с.
17. Иманалиев, К. Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери [Текст] К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1984. – 176 б.
18. Иманалиев, К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст] К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1976. – 250 б.
19. Иманалиев, К. Кыргыз мектептеринде адабиятты окутуунун жолдору: 9-10-класстар үчүн [Текст] / К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1966
20. Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы [Текст] / Н. Ишекеев −Б.: 1994. − 387 б.
21. Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятынын окуу китептери: өткөнү, бүгүнкүсү жана келечеги [Текст] Н.Ишекеев. – Б.: 2011 – 216 б.
22. Култаева Ү.Б Окуучулардын адабий чыгармачылыгын өнүктүрүү методикасы [Текст] / Ү.Б.Култаева. – Б.: 2006. – 92 б.
23. Култаева Ү.Б. Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык өзгөчөлүгү [Текст] / Ү.Б.Култаева. – Б.: Айат, 2007. – 240 б.

24.Кыргыз адабияты: энциклопедия [Текст] // Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору. Башкы редактор: Ү.Асанов, жооптуу редактор: А.Акматалиев – Б.: 2004. – 408 б.

25.Кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандарты [Текст] // Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. – Б.: 2006. – 204-209 бб.

26.Кыргыз адабиятынын тарыхы: 7 томдук. 1-т. [Текст] / А.Акматалиевдин жалпы редакциялоосунда. — Б.: Шам, 2004. — 215-216-б.

27.Кыргыз педагогикасы: энциклопедиялык окуу куралы [Текст]: Башкы редактор Ү.Асанов, жооптуу редактор И.Бекбоев. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004. – 340 б.

28.Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки. [Текст]: I бас. – Ф.: «Кыргызстан», 1973. – 720 б.

29.Кыргыздар: Он томдук жыйнак. Түз: Жусупов К., Иманалиев К. [Текст] – Б.: Учкун, 2004.

30.Мамбетакунов, Э. Педагогиканын негиздери: Жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери менен мектеп мугалимдериүчүн окуу куралы. 2-бас.[Текст] Э.Мамбетакунов, Т.М.Сияев. – Б.: Айат, 2008. – 304 б.

31.Момуналиев С. Орто мектептердеги лирика – Б.: 2014. – 592 б.

32.Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп.[Текст]/А.Муратов. –Б.: «Турар», 2011. – 604 б.

33.Муратов, А. Чыңгыз Айтматов – жазуучу-этнопедагог [Текст] / А.Муратов. – Б.: Айат, 2006. – 204 б.

34.Муратов, А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст] / А.Муратов. – Б.: Турар, 2013. – 554 б.

35.Муратов А. Кыргыз адабияты: маалыматтама [Текст] / А.Муратов, Ж.Шериев, К.Исаков. – Б.: Айат, 2014. – 384 б.

36.Озмитель Е. К. Наследие классики и киргизская литература. – Ф.: Кыргызстан, 1980. – 256 б.

37.Окутуу орус (өзбек, тажик) тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептер (класстар) үчүн кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. Түз. А.Муратов // Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. – Б., 2006. –213-220-бб.

38.Окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун концепциясы. Рысбаев С., Добаев К., Абдухамидова Б.// Кутбилим, 2010, 5-дек.

39.Оторбаев, Б. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу [Текст] Б.Оторбаев. – Б.: 2011. – 96 б.

40.Оторбаев, Б. Көркөм чыгарманы мектепте талдоо [Текст] / Б.Оторбаев. – Б.: «Айат», 2015. – 168 б.

41.Рысбаев С.К. Кыргыз тили жана адабияты мугалимине жүз кеңеш: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 4-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2014. – 236 б.

42.Рысбаев С.К. Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 5-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2015. – 232 б.

43.Түлөгабылов, М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы [Текст]/ М.Түлөгабылов. – Б.: «Мектеп», 1991. – 272 б.

44.Турдугулов А. Кыргыз классикасы [Текст] / А.Турдугулов. – 2005. – 368 б.

45.Турдугулов А. Төкмө ырчылар менен жазгыч акындардын чыгармачылыгын окутуу [Текст] / А.Турдугулов.. – Б.: Кыргызстан 1996. – 184 б.

46.Ушинский, К. Д. Проблемы педагогики [Текст]/ К.Д.Ушинский. – М.: Изд-во УРАО, 2002. – 529 с.

47.Ушинский, К.Д. Избранные педагогические соч. [Текст] / Под ред А.И. Пискунова (отв. ред) / К.Д. Ушинский. – М.: Педагогика, 1974. – Т. 1. – 584с.
48.Шейман Л.А. Основы методики преподавания русской литературы в киргизской школе. Пособие для учителей. – Ф.: Мектеп 1981. – 238с.